63кырг
Е82

С. Есенгелдиев

# ЖАҢЫ КААДА-САЛТТАР ЖӨНҮНДӨ

Книга должна быть возвращена не позже указанного здесь срока

Количество предыдущих выдач ___________

~~3/IV 85~~

63 кирг
Е82
39 кирг

Ата-энелер, силер үчүн

С. Есенгелдиев

# ЖАҢЫ КААДА-САЛТТАР ЖӨНҮНДӨ

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 345163

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1985

АБОНЕМЕНТ

63.5
Е 82

**Есенгелдиев С.**

Е 82 Жаңы каада-салттар жөнүндө: Ата-энелер үчүн.— Ф.: Мектеп, 1985.—44 бет.— (Ата-энелер, силер үчүн.)

Бул эмгекте элдик каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн келип чыгышы баяндалып, алардын социалдык-психологиялык негизи көрсөтүлөт. Жаңы каада-салттарды турмуш-тиричиликке киргизүү жөнүндө айтылат.

Китепче ата-энелерге арналат.

Е $\frac{0508000000-166}{М\ 452(17)-85}$ 49.85 ББК 63.5

Рецензенти *Н. Кулматов* — философия илимдеринин кандидаты

© «Мектеп» басмасы, 1985-ж.

# КИРИШ СӨЗ

Кийинки мезгилде республикабызда коомчулуктун ырым-жырым, каада-салт маселесине кызыгуусу барган сайын артууда. Алардын жаман-жакшы, бүгүнкү турмушубуздун талабына жооп берер-бербеси, прогрессивдүү жана реакциячыл, диний жана атеисттик ж. б. жактарын талдап, ар бир каада-салттын, ырым-жырымдын айланасында ой жүгүрткөн макалалар республикалык газета-журналдарга жарыяланып жүрөт. Ага арналган илимий изилдөөлөр, публицистикалык формада жазылган китепчелер да бар. «Советтик Кыргызстан», «Советская Киргизия», «Ленинчил жаш» ж. б. газеталарда ал боюнча «Элдик салт деп эмнени айтабыз?» же «Окугандан кийинки ойлор» аттуу рубрика астында көптөн бери талкуу да жүрүп жатат. Ага катышып, пикир алмашкандар жашы, кызматы, социалдык абалы, кесиби боюнча ар кыл адамдар. Кыскасы, жаш өспүрүмдөрдөн карыяларга, айылдык советтин төрагасынан катардагы кызматкерлерге, акын-жазуучулардан илимий кызматкерлерге, врачтарга, артисттерге чейин тигил же бул каада-салт боюнча ой-пикирлерин ортого салышууда. Мунун өзү илгертен келаткан каада-салт маселеси эч кимди кош көңүл калтырбастыгын айгинелейт.

Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген кызматкер Н. Жапаливдин «Ленинчил жаш» газетасынын 1977-жылдын 24-декабрындагы санында жарыяланган «Элдик салт деп эмнени айтабыз?», Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбековдун ошол эле газетанын 1979-жылдын 17-февралындагы санында басылып чыккан «Салт деген салт» аттуу көлөмдүү макалаларынын тегерегинде айрыкча талаш-тартыш жүргөнү маалим.

Ал эми 1984-жылдын июль айында Кыргыз ССРинин эл акыны, Социалисттик Эмгектин Баатыры Аалы Токомбаевдин «Советтик Кыргызстан» жана «Советская Киргизия» газеталарына жарыяланган «Дүңгүрөтө той берип» аттуу макаласы окурмандардын көңүлүн өзүнө бөтөнчө бурду. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети

бул макала боюнча партиялык комитеттерди, коомдук уюмдарды, эмгекчилерди идеялык-адептик тарбиялоону күчөтүүнү, эски үрп-адаттарды жана каада-салттарды жоюуну, советтик турмуш ыңгайына ылайык үрп-адаттар менен каада-салттарды киргизүүнү милдеттендирген атайын токтом кабыл алды. Бул макаланы окугандан кийинки ойлор бүгүнкү күнгө чейин газета беттеринде жарыяланууда.

Үрп-адат, каада-салт, ырым-жырым маселелерин талкуулоо республикалык радио жана теле берүүлөрдө да жүрүп жатат. Бирок массалык маалымат каражаттарынын ичинде бул талкуу негизинен атеисттик пропаганданын чегинен тышкары чыга элек. Атеизмге арналган айрым берүүлөрдө бул маселе анча терең талданбастан, учкай баяндалат. Турмуш-тиричилик чөйрөсүндө жаңы граждандык каада-салттарды калыптандыруу жана жайылтуу боюнча жер-жерлерде чогултулган оң тажрыйбаларды кеңири пропагандалоо жаңыдан жолго коюлуп жатат.

Аталган маселелерге жалпы коомчулуктун көңүлүнүн бурулушу бекеринен эмес. Бул үрп-адаттардын, каада-салттардын, ырым-жырымдардын табиятынын өзгөчөлүгүнө, анын коомдо ээлеген орду менен ойногон ролуна, алардын үй-бүлөдөгү, турмуш-тиричиликтеги маанисине байланыштуу. Анткени алар башка коомдук маселелерден өзүнчө обочолонгон нерсе эмес. Тескерисинче, жалпы эле өткөндөгү маданий мурастарга кандайча мамиле жасоо керектиги, социалдык айрым калдыктардын, айрыкча диний жана аракечтиктин саркындыларын жоюунун жолдорун аныктоо; эмгекчилерди, бөтөнчө жаштарды эмгекке үйрөтүү, аларга эстетикалык, адептик, атеисттик тарбия берүү, рухий маданияттын улуттук формасы менен интернационалдык мазмунунун карым-катнашы; социалисттик турмуш ыңгайын калыптандыруу жана чыңоо, жалпы эле социалисттик коомдук мамилелерди өркүндөтүү сыяктуу олуттуу маселелерге тыгыз байланышкан. Дал ушул себептен улам үрп-адат, каада-салт маселелерин жалаң гана пропагандалык планда карабастан, ар тараптан терең илимий-теориялык деңгээлде изилдөө максатка ылайык.

Үрп-адат, каада-салт, ырым-жырымды атеисттер гана изилдеп тим болбойт. Аларды философтор да, тарыхчылар да, этнографтар да, педагогдор да, психологдор ж. б. адистер да изилдешет.

Маркска чейинки адабияттарда каада-салт боюнча атайын философиялык эмгектер дээрлик жокко эсе. Ошого карабастан ал тууралуу учкай айтылган айрым ой-пи-

кирлерди биз байыркы грек философтору Аристотель, Эпикур ж. б. эмгектеринен жолуктурабыз.

Адеп-ахлак, үрп-адат туурасында айтылган кызыктуу ой-пикирди XVIII кылымдагы француз материалист-агартуучулары Ламетри, Дидро, Гельвеций жана башкалардын философиялык көркөм чыгармаларынан байкоого болот. Алар коомдук адеп-ахлактын пайда болуу жана өнүгүү закон ченемдерин изилдеп табууга аракет кылышкан. Бирок баары коомдук кубулуштарды түшүндүрүүдө дээрлик идеалисттик көз карашта болгондуктан ал закон ченемди таба албаганы табигый нерсе.

Улуттук салттарды этият сактоо жана кийинки муундарга өткөрүп берүү, эски үрп-адаттарга каршы күрөшүү зарылчылыгын улуу орус революционер-демократтары В. Г. Белинский, А. И. Герцен, Н. Г. Чернышевский, Н. А. Добролюбов белгилешкен. Алар элди чет элдик маданий салттарга ойлонбой кулдук уруудан этият болууга, ошол эле мезгилде прогрессивдүү улуттук салттарды ар тараптан колдоого алып, өнүктүрүүгө чакырышкан.

Элдик үрп-адат, каада-салттардын чыгышы жана өнүгүшү боюнча Н. Харузиндин «Этнография» (1905), Ш. Летурнонун «Этнографияга негизделген социология» (1891), А. Терещенконун «Орус элинин турмуш-тиричилиги» (1848), Э. Реклюнун «Алгачкы адамдардын турмушу» (1898), Л. Моргандын «Байыркы коом» (1902), Э. Тейлордун «Алгачкы маданият» (1939) ж. б. авторлордун эмгектери көңүл бурарлык. Аларда дүйнө элдеринин ырым-жырымдары, диний ишенимдери, үрп-адаттары, каада-салттары, майрамдары боюнча дүңүнөн, тажрыйбадан алынган материалдар чогултулуп, жалпыланган. Бирок бул буржуазиялык окумуштуулардын дээрлик бардыгы коомдук кубулуштарды түшүндүрүүдө идеализмдин чегинен чыга алышпагандыктан, салттын маңызын, пайда болуу жана өнүгүү закон ченемдерин илимий жактан туура түшүндүрө алышкан эмес. Анткени, биринчиден, алар адамдардын иш-аракеттеринин идеялык жагын гана талдашып, экономикалык негиздерин, материалдык өндүрүштү көз жаздымында калтырышкан. Ушундан улам коомдук адеп-ахлак, каада-салттар закондор жана башкаруу формалары менен аныкталат дешкен. Экинчиден, эл массасынын тарыхтагы ролун көгөрө танышкан. Натыйжада үрп-адаттардын мааниси төмөндөп, эзүүчү таптардын каада-салттарынын, адеп-ахлагынын ролу бир жактуу күчөтүлөт.

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин кыр-

гыз элинде жазуу болбогондугу белгилүү. Демек, илим, анын ичинде коомдук илимдер турмушта орун албагандыгы табигый нерсе. Бирок ошого карабастан, акындардын чыгармаларынан үрп-адат, ырым-жырым, каада-салт, адеп-ахлак тууралуу ар түрдүү ой жүгүртүүлөрдү учуратабыз. Мисалы, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч өңдүү «заманачы» акындардын чыгармаларында кыргыз элинин патриархалдык-уруучулук каада-салттары өзгөрүлбөс, өөрчүп-өнүкпөс нерсе катары каралып, алардын материалдык өндүрүш менен байланыштыгы эске алынбаган. Натыйжада кыргыз элинин патриархалдык-уруучулук үрп-адаты, коомдук турмушу тарыхый прогресстин жеткен чеги («кой үстүндө торгой жумурткалаган замана») катары бааланып, XIX кылымдын экинчи жарымындагы реформадан кийинки мезгилде падышалык Россиядан качкан орустардын жана украиндардын бизге келип отурукташа баштаты регресс, салт болуп калган патриархалдык-уруучулук идиллиянын бузулушу сыяктуу сүрөттөлгөн. Кыскасы «заманачы» акындар идеалисттик көз караштын чегинде «коомдун бузулушун» адамдардын шариятты жана ата-бабанын салтын (патриархалдык-феодалдык салтты) бузуудан көрүшкөн.

Тескерисинче, Токтогул, Тоголок Молдо сыяктуу демократ-акындардын чыгармаларынан биз элдик каада-салтка этият мамиле жасоо, алардын жакшыларын кабыл алып, жамандарын четке кагуу, элдик салттарды жаңы, прогрессивдүү көрүнүштөр, жаңы мазмун менен байытуу керектиги жөнүндө айтылган ой-пикирлерди жолуктурабыз.

Марксизм-ленинизм ырым-жырым, үрп-адат, каада-салтты башка коомдук кубулуштар сыяктуу эле материалисттик негизде түшүндүрөт. Демек, алар белгилүү бир коомдун материалдык турмушунун негизинде пайда болуп, өөрчүп, өнүгүп, өзгөрүп, эскилердин ордуна жаңылары пайда болуп турат.

Үрп-адаттарды жана каада-салттарды социалдык өтө татаал жана көп кырдуу кубулуш катары илимий, философиялык жактан ырааттуу терең изилдөө биздин өлкөдө болжол менен 1960-жылдардан бери башталып, бүгүн да улантылууда. Албетте, совет бийлигине чейинки жылдарда да алар белгилүү даражада изилденип келгендиги талашсыз. Бирок алар негизинен атеисттик, этнографиялык планда же болбосо башка маселелерге байланыштуу изилденген. Бул жерде сөз маселенин социологиялык категория катары атайын системалуу терең изилдениши тууурасында

болуп жатат. 1960-жылдардан бери бир кыйла кандидаттык, докторлук диссертация жакталып, каада-салт боюнча көп сандаган монографиялар, китепчелер, илимий макалалар жазылды. Аларда каада-салттын коомдук кубулуш катары пайда болуу, өөрчүп-өнүгүү закон ченеми, элибиздин рухий маданиятында ээлеген орду, эмгекчилерди коммунисттик тарбиялоодогу ролу, коомдук башка кубулуштар менен болгон байланышы, эски калдыктарды, айрыкча диндин саркындыларын арылтуу процессиндеги мааниси сыяктуу теориялык маселелер менен катар айрым жаңы прогрессивдүү көрүнүштөрдү кантип салтка айландыруу, турмуш-тиричиликке кандайча активдүү терең киргизүү, жаңы каада-салттарды кандайча туура уюштуруу керектиги жөнүндө практикалык маселелер да кеңири баяндалган.

Эски ырым-жырымдарды жоюп, жаңы каада-салттарды турмушка кеңири жайылтуу боюнча РСФСРда, Украинада, Белоруссияда, Балтика боюнда жана ошондой эле коңшу республикаларда бир топ практикалык иштер аткарылды. Аларда бул маселелерге партиялык, мамлекеттик маани берилип, жаңы каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн (ритуал), үлпөттөрдүн сценарийлери атайын иштелип чыгып, элге сунуш кылынып жатат. Жаңы салттарды турмушка жайылтуу боюнча ар бир жердеги тажрыйбалар жалпыланып, китепче болуп элге тартуулануууда.

Бул багытта биздин республикада да бир топ орчундуу иштер жасалды. Улуттук каада-салттардын табиятын изилдөө, алардагы улуттук жана интернационалдык учурларды аныктоо, эски прогрессивдүү салттар менен жаңы салттардын, майрамдардын өз ара айкалышын тактоо, жаңы каада-салттарды эскинин, айрыкча диндин калдыктарына каршы таасирдүү курал катары пайдалануу туурасында изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир топ китептер, илимий макалалар жазылды, практикалык иш-чаралар жүзөгө ашырылууда.

Бирок бул иште али да болсо кемчиликтер арбын. Маселенин теориялык иштелишине караганда практикалык жагы аксап жаткансыйт. Мисалы, жаңы каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн болжолдуу сценарийин иштеп чыгуу, алардын өткөрүлүшү боюнча жер-жерлердеги оң тажрыйбаларды телекөрсөтүү же документалдуу фильм аркылуу пропагандалоо канааттандырарлык деңгээлде жүргүзүлбөй жатат.

1984-жылы советтик жаңы майрамдарды, үрп-адаттарды, каада-салттарды изилдеп, үйрөнүп, турмушка кирги-

зүү боюнча республикалык атайын комиссия түзүлдү. Азыр ал комиссиянын келечектеги ишинин жобосу иштелип чыгып, иш кабыл алынган план боюнча ырааттуу жүрүүдө. Областтарда, шаарларда, райондордо да ушундай эле комиссиялар түзүлүүдө. Эл депутаттарынын Фрунзе шаардык Советинин аткаруу комитетинин советтик салттарды, майрамдарды жана жөрөлгөлөрдү жайылтуу боюнча комиссиясы үстүбүздөгү жылы «СССР граждандарынын паспортун салтанаттуу тапшыруу», «Нике» жана «Бала төрөлүү» үлпөттөрүн өткөрүү боюнча атайын сунуштарды иштеп чыкты (төмөндө биз ага кеңири токтолобуз).

Азыр бардык өндүрүш ишканаларынын, мекемелердин, эмгек коллективдеринин турмушуна, турмуш-тиричиликке жаңы, алгылыктуу үрп-адаттар, каада-салттар, үлпөт-жөрөлгөлөр терең киргизилип, кеңири таркатылууда. Негизсиз унутулган же мурда анча маани берилбеген өткөндөгү прогрессивдүү каада-салттар, жөрөлгөлөр азыркы турмушка ылайык кайрадан жаралууда. Эмгекчилерди, айрыкча жаштарды эмгектик, революциялык, интернационалдык, патриоттук салтта тарбиялоо боюнча көп иштер жүргүзүлүүдө. Ошону менен бирге Коммунисттик партия коомчулуктун кеңири чөйрөсүнүн көңүлүн социалдык прогресске тоскоол болуп, айрым адамдардын аң-сезимине жана психикасына зыян келтирип жаткан эски үрп-адаттардан жана ырым-жырымдардан чечкиндүү арылууга бурат. Эски саркындылардан арылган, ар тараптан өнүккөн адамды тарбиялоо зарылчылыгы КПССтин XXVI съездинин чечимдеринде, КПСС Борбордук Комитетинин «Идеологиялык, саясий-тарбиялоо иштерин андан ары жакшыртуу жөнүндө» узак мөөнөткө эсептелген токтомунда (1979-жыл, 26-апрель), ошондой эле июнь (1983-жыл) Пленумунун чечимдеринде баса белгиленген.

Жетишилген ийгиликтерге карабастан үрп-адат, каада-салт, майрам, үлпөт-жөрөлгө маселелеринин айрым жактары мындан ары да терең теориялык изилдөөнү, жер-жерлерде топтолгон практикалык оң тажрыйбаларды үйрөнүп, жалпылоону жана аларды кеңири жайылтууну, ошондой эле жогоруда биз белгилеп кеткен талкуунун жүрүшүндө айтылган айрым ой-пикирлер тактоону, дагы кошумча далилдөөнү талап кылат.

## САЛТТЫН МАҢЫЗЫ ЖАНА СОЦИАЛДЫК МИЛДЕТИ

Коомдук мамилелер адамдын иш-аракеттеринен тышкары турган абстракттуу көрүнүш эмес. Тескерисинче, коомдук мамилелер адам баласынын дал ошол иш-аракетинен көрүнөт. Коомдук мамилелердин айрым жактары жашоо-турмуш процессинде улам кайталана берип, туруктуу касиетке ээ болуп, салтка айланат. Адам баласынын жашоо-турмушунун кээ бир олуттуу учурларын белгилөө да ушундайча салтка айланат.

Идеологиянын жана коомдук психологиянын тийиштүү элементтери коомдук мамилелердин жашоо формасы катарында эсептелери белгилүү. Демек, сөз белгилүү бир идеяларды жана сезимдерди туруктуу кылып бекемдөө, улам кийинки муундарга өткөрүү жана кеңири тартуу жөнүндө болуп жатат. Ошол идеялар жана көз караштар салтка айланат. Албетте, бардык эле идеялар, көз караштар, теориялар, сезимдер салтка айлана бербеси чындык. Алардын узак мөөнөт жашап, жалпыга милдеттүү болгондорун гана биз салтка айланды дейбиз.

Демек, салт коомдук мамилелердин жашоосунун бир формасы болуп эсептелет экен. Бардык идеологиялык жана социалдык-психологиялык кубулуштар коомдук мамилелердин жашоосунун өз алдынча формалары катары чыгат. Бирок салт коомдук мамилелердин жашоосунун бөтөнчө формасы.

Ал бөтөнчөлүк эмнеден көрүнөт? Биринчиден, нормативдүү, баа берүүчү мүнөздөгү идеялар жана сезимдер гана салтка айланат. Экинчиден, салтка айланган идеялар, көз караштар, иш-аракеттер, сезимдер ж. б. социалдык тажрыйбаны, идеялык мурасты, рухий байлыкты алып жүрүүчүлөр болуп эсептелишет. Анткени аларда адамдардын, таптардын, социалдык топтордун, коомдун материалдык жана рухий маданиятка болгон мамилеси чагылдырылат. Үчүнчүдөн, салт коомдук мамилелердин материалдык жана рухий чөйрөлөрүндө аракеттенет, жашайт. Төртүнчүдөн, коомдук мамилелердин формасы катарында салт өзүн предметтүү-жөрөлгөлүү иш-аракет түрүндө көрсөтөт.

Салт, биринчиден, жеке адамдын коомдук жүрүм-турум принциптери жана нормаларын эмес, коллективдин жана адамдардын жалпылыгынын ар түрдүү формаларынын жүрүм-турум принциптери менен нормаларын чагылдырат да, алардын рухий кулк-мүнөзүн жана касиеттерин түзөт; экин-

чиден, салт, үрп-адат идеология сыяктуу айрым идеологдор, теоретиктер тарабынан түзүлбөстөн, коллектив, тап, эл тарабынан түзүлөт, калыптанат; үчүнчүдөн, үрп-адат, каада-салт ой жүгүртүү менен гана эмес, адамдардын ар түрдүү ички толгонуу сезимдерине байланыштуу. Ошондуктан үрп-адат, каада-салт идеологияга караганда коомдук психологияга көбүрөөк мүнөздүү. Албетте, бул көбүнчө турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү каада-салттарга тиешелүү. Мисалга элибиздин өлүк көмүү, маркумду эскерүү салтын ж. б. үрп-адаттарды алып көрөлү. Булар ушул процесске байланыштуу пайда болгон күчтүү сезимдер (кайгы болуу, муңкануу, жоктоо, эскерүү ж. б.) менен коштолот. Башка бардык каада-салттар сыяктуу эле булар да белгилүү өлчөмдө идеологиялык функцияны аткарышат. Айрыкча диний ырым-жырымдар менен коштолгон өлүк көмүү жана маркумду эскерүү салттарында тиги дүйнө, бейиш, тозок, жалган, оопасыз дүйнө сыяктуу идеялар көз алдыдан чубуруп өтөрү бышык. Бирок баары бир ал каада-салттардын идеологиялык жагына караганда психологиялык таасири күчтүүрөөк. Демек, салт коомдук психология чөйрөсүн да, идеология чөйрөсүн да өзүнө камтыйт экен.

Үрп-адат, салт күнүмдүк аң-сезим (обыденное сознание) жана теориялык аң-сезим деңгээлинде жашайт. Эгерде турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү үрп-адат, салт жашоосун адатта күнүмдүк аң-сезим деңгээлинде улантса, идея, көз караш, илимдеги же искусстводогу белгилүү бир багыт, агым түрүндөгү салт өзүнө теориялык аң-сезим деңгээлин камтыйт. Бирок күнүмдүк аң-сезим деңгээлиндеги да, теориялык аң-сезим деңгээлиндеги да үрп-адаттар, салттар белгилүү бир ырым-жырымдар, аземдер (церемониялар) жана жөрөлгөлөр менен коштолот. Ансыз салт айрыкча турмуш-тиричилик чөйрөсүндө дээрлик жашабайт. Мисалы, ошол эле өлүк көмүү, маркумду эскерүү салттары өлүктү үйдөн чыгарар алдында жуу, кепинге ороо, башын кыбылага каратуу, жаназа жана доорон окуу, мүчө-жыртыш берүү, оокат жээр алдында же жеп бүткөндөн кийин өлүккө багыштап куран окуу, маркумдун үй-бүлөсүнө жана туугандарына көңүл айтуу сыяктуу көп сандаган диний ырым-жырымдардын коштоосу менен өтүп келгендиги белгилүү. Албетте, бул жерде көпчүлүк убакта «ырым-жырым» деген сөздөр диний маанини билдирип жүрөт. Бирок диний маанисиз (же диний магиялык маанисин алда канча жоготуп койгон) да ырым болорун эстен чыгарбоо керек. Ал эми «каада», «жөрөлгө» деген

алар диксиз түшүнүктөр болуп, белгилүү бир салтты коштоо тартибин билдирип жүрөт. Каада менен салттын «каада-салт» деп кошо айтылышы дал ушул себептен болуп жүрбөсүн?

Ырым-жырым да, каада-салт да, жөрөлгө да адамга идеялык жана эмоциялык-психологиялык таасир тийгизүүнүн органикалык кошундусу болуп эсептелет. Тарбиялык таасир тийгизүүнүн башка каражаттарына караганда алар ошол каада-салтты колдонгондордун бардыгында тийиштүү идеяны жана сезимди пайда кылып, андагы нормаларды жана элестерди терең өздөштүрүүгө жардам берет. Анткени кандай гана болбосун ырым-жырымдын, үрп-адаттын, каада-салттын белгилүү бир идеялык жүгү болот. Бирок салтка айланган идеялардын бардыгы эле белгилүү ырым-жырымдар, каадалар менен коштолбойт. Мисалы, табияттан тышкаркы күч, кудай-таала, тиги дүйнө жөнүндөгү диний идея адамдардын аң-сезиминде көп сандаган ырым-жырымдар, диний майрамдар, жөрөлгөлөр аркылуу бекемделет жана кеңири тарайт. Ал эми философиядагы салтка айланган агымдар же илимдеги багыттар эч кандай ырым-жырымсыз, каадасыз эле жашашат. Демек, ырым-жырым, каада, жөрөлгө салттын ичиндеги кандайдыр бир эмоциялуу кыймыл-аракеттердин системасы катары чыгат. Ар бир салттын мазмуну өзүнө тийиштүү гана ырым-жырымдар, каадалар, жөрөлгөлөр аркылуу ачылат.

Демек, салт — муундан-муунга тынымсыз өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген социалдык жана маданий мурастын элементи. Коомдук көрсөтмөлөр, жүрүм-турум нормалары, идеялар, ырым-жырымдар, каада-жөрөлгөлөр салт катарында көрүнүшү мүмкүн. Салттагы эң негизги белгилерди жыйынтыктап айта турган болсок, анда алар төмөнкүлөр: муундан-муунга тынымсыз өтүүчүлүк, кайталануучулук, туруктуулук, массалуулук, коомдук пикирдин күчүнө таянуучулук.

Салтка айланган тигил же бул кубулуш тынымсыз өнүгүп турат. Ушул мааниде алганда салт материалдык жана маданий мурасты сактоонун бир формасы сыяктуу көрүнөт. Албетте, адамдан-адамга, муундан-муунга өткөн дөөрлөрдөгү оң кубулуштар гана эмес, терс көрүнүштөр да өтүп турат. Ансыз коомдун жашоосу да мүмкүн болбосо керек. Ар бир муун коомдук түзүлүштү да, материалдык байлыкты да, рухий маданиятты да баштан-аяк өзү түзүп албайт. Ал сөзсүз мурдагы муундар калтырып кеткен байлыктарды мурастайт, аларды өз талабына ылайык

пайдаланат, өстүрөт жана кийинки муунга өткөрүп берип турат. Эскиге таянбай жаңы пайда болбойт. Бирок жаңы пайда болуп, өөрчүп-өнүгүүдө эскинин алгылыктуу гана учурларына таянат, ал эми терс жактарын дээрлик четке кагат. Демек, маданий мурастын баарын прогрессивдүү деп кабыл алууга да, реакциячыл деп биротоло кол шилтөөгө да болбойт. Биз коомубузга шайкеш келчү салттарды, каадаларды, майрамдарды кабыл алып, жарабагандарын четке кагышыбыз керек.

Салт сөзсүз кайталанып турат. Кайталанбаган нерсени салт деп айтууга таптакыр болбойт. Бирок эски көрүнүш жаңы муунда ошол эле бойдон кайталанбайт. Ал сөзсүз жаңы көрүнүштөр, учурлар менен аз да болсо толукталат. Ал эми салт мурда кандай болсо, азыр да ошондой кайталоону талап кылат. Бирок бардык эле кайталануучу кубулуштар салт болбойт. Кайталануучу нерселердин бардыгын салт дей берсек, анда салттын саны сан жеткис болмок. Анткени реалдуу турмушта көп нерселер кайталанат эмеспи. Мисалы, учурашууну эле алып көрөлүчү. Көрүшкөндө эки адамдын учурашканы али салт эмес. Бул көптөгөн социалдык, адеп-ахлактык себептерге байланыштуу көрүнүш. Эгерде ошол эле учурашуу белгилүү бир жөрөлгөлөр менен коштолсо (мисалы, кол алышып учурашуу, кучакташып учурашуу, өбүшүп учурашуу, чыканактарын тийгизишип учурашуу ж. б.), ал сөзсүз салтка айланат. Анда бул салт кийинки муундардан дал ошондой жөрөлгөлөр аркылуу кайталоону талап кылат. Демек, кубулуш салт болуш үчүн жөн эле кайталанбастан, белгилүү бир форма жана жөрөлгөлөрдүн коштоосу менен кайталанышы керек.

Туруктуулук каада-салттын, ырым-жырымдардын, үрп-адаттын негизги касиеттеринин бири болуп эсептелерин бардык изилдөөчүлөр белгилешет. Адамдардын коомдук жүрүм-турумунун жана коомдук мамилелеринин туруктуу нормалары гана салтка айланат. Мисалы, улуттук мүнөз улуттук психологиянын туруктуу элементтеринин бири болуп эсептелет. Салттар да анын сыңарындай эле өтө туруктуу келет. Эзелки доордо пайда болгон каада-салттар туруктуу сакталып, кийинки муундарга өтөт. Балдардын тушоосун кесүү салтын карап көрөлү. Тушоо кесүү магиялык ишеничтин негизинде алда качан эле пайда болгондугу белгилүү. Бирок азыр адамдардын басымдуу көпчүлүгүндө магиялык түшүнүк болбосо деле тушоо кесүү кыргыздардын (башка элдердин да) туруктуу каада-салттарына айланып олтурбайбы.

Коомдогу бардык эле окуялар, кубулуштар туруктуу касиетке ээ эмес. Айрым окуялар, кубулуштар көп кайталана берүүнүн натыйжасында гана муундан-муунга өтүп, туруктуу касиетке жетишет. Коом турмушунда же адам баласынын жеке керт башынын турмушунда терең из калтырган эмоциялуу учурлар гана туруктуу келет. Бирок туруктуу кубулуштардын баары эле салт боло бербейт. Мисалы, адамдардын ортосундагы нике эң эле туруктуу кубулуштардын бири. Анткени ал биологиялык жана социалдык кыйла шарттарга байланышкан. Ал өзүнө мүнөздүү туруктуу жөрөлгөлөр менен коштолгондо гана тигил же бул элдин салтына айланат.

Кандай гана салт болбосун өзүнүн жашоосунда коомдук пикирдин күчүнө таянат. Тигил же бул салттын аткарылышы закондо бекилбейт. Аны коомдук пикир көзөмөлгө алат. Албетте, бул айтылган ой көбүнчө турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү каада-салттарга тиешелүү. Мисалы, нике тоюн алып көрөлү. Ар бир элде никеге байланыштуу той өткөрүү салт болуп калгандыгын эч ким танбайт. Ал эми баш кошкон жаштар жана алардын ата-энелери нике тоюн өткөрбөй коюшса же кабыл алынган каада-салттан башкача өткөрүшсө, мамлекет аларды законду же тартипти бузган катары жоопко тартабы? Албетте, жок. Анын аткарылышын же аткарылбашын, кандайча аткарылышын тек гана коомдук пикир көзөмөлдөйт. Кыскасы, салт системасында коомдук пикирдин таасири өтө күчтүү. Мисалы, айрым социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгына караганда кээ бир адамдар коомдук пикирден корккондуктары үчүн гана (сөз айылдаштарынын, же туугандарынын, же өлүктү коюуга чогулган адамдардын пикири жөнүндө болуп жатат) жыртыш же мүчө беришет имиш. Атеист болуп туруп эле жаназа, доорон окуткан адамдар да анын себебин ушундайча түшүндүрөт.

Албетте, бул жерде ошол коомдук пикирдин ар түрдүүлүгүн сөзсүз эске алуу керек. Аны менен бирге белгилүү бир коомдук пикирди калыптоого тийгизген таасирди да унутпаган оң.

Массалуулук салттын олуттуу белгилеринин бири экендигин да эч ким танбайт. Тигил же бул кубулуш салтка айланганда белгилүү бир адамдардын тобунун, эмгек коллективинин, таптардын, улуттардын арасында кеңири тарап, массалуу көрүнүшкө ээ болот. Албетте, тигил же бул көрүнүш массалуулукка зордук жолу менен ээ болбостон, ыктыярдуу кабыл алынат. Ыктыярдуу кабыл

алынып, көп кайталанганда, салыштырма туруктуу касиетке ээ болгондо гана тигил же бул көрүнүш салтка айланат.

Үрп-адат, салт коомдук турмушта ар түрдүү милдеттерди аткарат. Алардын олуттуулары, биздин оюбузча, төмөнкүлөр.

*Нормативдүү-жөнгө салуучу,* бул милдет салттын нормативдүүлүгү менен шартталган. Топтолгон социалдык тажрыйба, туруктуу идеялар жана сезимдер коллектив, тап, улут, эл үчүн норма, эреже, үлгү болуп калат. Ал нормаларды адам баласы өз каалаганындай тандап ала албайт, тескерисинче, аткарат. Ар кандай нормадан жана тайуу ошол салт тараган аймакта жашаган адамдар тарабынан айыпталат.

Салттын нормативдүү-жөнгө салуучу милдети коомдук өнүгүүнүн ар түрдүү этаптарында бирдей эмес. Алгачкы общиналык коомдо үрп-адаттын, салттын жөнгө салуучу милдети өтө күчтүү болуп, ал бир беткей абсолютташтырылган эле. Бул ошол алгачкы коомдун өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт. Себеби, биринчиден, ошол мезгилде үрп-адат, каада-салт белгилүү бир урук жана уруу мүчөлөрү тарабынан бирдей даражада аткарылган, бүт урук же уруу мүчөлөрүнүн турмуштук олуттуу кызыкчылыгын бирдей чагылдырган. Экинчиден, жазуу али жок, башка байланыш каражаты пайда боло электе үрп-адат, каада-салт социалдык тажрыйбаны топтоонун жана сактоонун бирден-бир куралы болгон. Октябрь революциясына чейинки жазуусу жок элдердин турмушунда (ошонун ичинде кыргыздардын да) үрп-адаттын, каада-салттын таасиринин өтө күчтүүлүгү анын ушул милдетине байланыштуу болуп жүрбөсүн?

Социалисттик коомдо үрп-адат, каада-салттын милдети алда канча кеңеет. Алар көндүм болуп калгандыктан эмес, аң-сезимдүү аткарылат. Талапка жооп бербегендери четке кагылып, дурустары коом тарабынан колдоого алынат, өнүктүрүлөт. Бүткүл коомдун кызыкчылыгын чагылдырган жаңы каада-салттар пайда болот. Эми каада-салт таптардын жана социалдык топтордун биримдигин чыңдоонун куралына айланат. Социализмди жана коммунизмди куруу мезгилинде жумушчу табынын революциялык салты, коммунисттик партиянын жана пролетариаттын эң мыкты өкүлдөрү иштеп чыккан саясий жана моралдык принциптер норма, үлгү катары эсептелет.

Үрп-адат, ырым-жырым, каада-салттын *идеялык тарбиялык* милдети да олуттуу мааниге ээ. Диний ырым-

жырымдар адамдардын аң-сезиминде жана психологиясында кудайдын кудуреттүүлүгү, тиги дүйнө, бейиш, тозок, кыл көпүрө, аңкир-маңкүр сыяктуу болбогон нерселерге ишенүүнү бекемдөөгө багытталган. Демек, алардын бардыгы адамды социалдык пассивдүүлүккө тарбиялайт.

Жаңы, социалисттик каада-салттар, жөрөлгөлөр советтик адамдарды илимий-материалисттик көз карашка, социалисттик идеологиянын духунда тарбиялайт, адеп-ахлактык жана укуктук жүрүм-турумдун үлгүсүн пропагандалайт, эмгекке коммунисттик мамиле жасоого, социалисттик патриотизмге, интернационализмге, элдердин ортосундагы достукту чыңдоого, адамдар жөнүндө кам көрүүгө үндөйт. Социалисттик каада-салттар совет элинин революциялык, күжүрмөн жана эмгектик салттарына берилгендикке, биздин өлкөдө жашаган ар бир улуттун жана элдин маданий мурастарына этият, сый мамиле жасоого тарбиялайт.

Социалисттик турмуш ыңгайын, социалдык адеп-ахлактык жана эстетикалык идеяларды чагылдырган социалисттик каада-салттар сезимдик-эстетикалык жогорку деңгээлде болуп, адамдарга катуу таасир тийгизет.

Салт *таанып-билүүчүлүк-маалыматтык* милдетти да аткарат. Оболу ал өткөн доорлордогу социалдык тажрыйбаны жана рухий байлыктарды топтоп, кийинки муундарга өткөрүп турат. Ар бир салт өткөн доорлор жөнүндө, алардын өндүрүштүк тажрыйбасы, материалдык жана рухий байлыгы, идеясы, көз караштары, моралдык нормалары, эстетикалык жана этикалык талаптары тууралуу белгилүү даражада кабар берет. Анткени алардын баары каада-салт түрүндө кийинки муундарга өтөт.

Айрым салттар кийинки муундарга күнүмдүк аң-сезимдин чегинен тышкары билимдерди да жеткирип турат. Атап айтканда, өткөн доорлордун саясий жана укуктук көз караштары, таптык, адеп-ахлактык ж. б. мамилелери, илимий-теориялык билимдери, массанын саясий жана революциялык тажрыйбасы, келечек идеалдары тууралуу кабар берет.

Каада-салттардын *социалдык-психологиялык* милдети да өтө маанилүү. Кубанычтуу нерселерге, учурларга байланышкан каада-салт ага катышкандардын көңүлүн көтөрүп, турмуштук көңүлдүү, жаркын маанай түзүүгө көмөк көрсөтөт. Тескерисинче, аза күтүү жөрөлгөсү (атеисттик же диний мүнөздөгү) адамдын тарткан азап-тозогун, капасын жеңилдеттүүгө багытталат. Каада-салтты аткарууда адам өзүн башкалар менен тең сезет. Магиялык ырым-жы-

рымдарды аткарууда адам табияттан тышкары күчтүн алдында өзүн күчсүз сезсе, советтик социалисттик каада-салттардагы адамдарга жакшылык, бакыт-таалай, чың ден соолук ж. б. тилөө жөрөлгөлөрү аларда сергек, оң сезимди туудуруп, активдүүлүккө үндөйт.

Каада-салттын *коммуникативдик-интегративдик* (адамдар баш кошуп бири-бири менен эркин пикир алмашышат, жеке жаңылыктарды угушат, социалдык маселелерди талкуулашат ж. б.) жана *атеисттик* милдеттери да турмушта өтө маанилүү.

Үрп-адат, каада-салттын мындан башка аткарган дагы бир топ милдеттери бар. Алардын баарын жыйынтыктап айтканда, каада-салттын турмушта зарыл нерсе экендигине адамдардын көзү жетет.

## САЛТТЫН ТҮРЛӨРҮ

Турмушта көп сандаган үрп-адаттар, ырым-жырымдар, каада-салттар кездешет. Ар бир салттын өзүнө тиешелүү каада-жөрөлгөлөрү, шаан-шөкөттөрү болорун биз жогоруда белгилеп кеттик. Ар бир салт өзүнө мүнөздүү шаан-шөкөттөрү менен өткөрүлгөндө гана көркүнө чыгат. Мына ушул көп сандаган каада-салттарды, шаан-шөкөттөрдү негизги окшош белгилерине карата топторго, түрлөргө бөлүп караганыбыз оң. Аларды талдоодо баш аламандыкка жол берилсе, үрп-адаттын, каада-салттын калыптануу жана өөрчүп-өнүгүү закон ченемдери туура аныкталбай калат. Ал эми маселенин теориялык туура эмес аныкталышы өз учурунда практикалык, уюштуруучулук иштерде айрым терс көрүнүштөргө алып келиши мүмкүн.

Салттарды ар түрдүү топторго бөлүштүрүп кароого болот. Адабияттарда аларды көбүнчө *революциялык, эмгектик* жана *турмуш-тиричиликтик* деп бөлүштүрүп кароо кеңири тараган. Үрп-адаттарды, салт-майрамдарды жалпысынан ушундай классификациялоо негизинен туура, бирок жетишсиз. Аларды башкача түрлөргө да бөлүштүрүп талдоого болот. Анткени, биз жогоруда белгилегендей, үрп-адат, каада-салт — өтө татаал жана көп кырдуу коомдук көрүнүш. Ошондуктан ар тараптан караганда гана биз алар тууралуу толугураак түшүнүк алабыз. Мисалы, дүйнөгө болгон көз караш жагдайынан аларды *диний* жана *материалисттик-атеисттик* деп эң жөнөкөй бөлүштүрүп караган максатка ылайык. Маселени мындайча караганда советтик адамдардын алдындагы милдет айдан-ачык көрүнөт. Бул жерде сөз турмушубузда илээшип келе жат-

кан диний ырым-жырымдардан, салт-майрамдардан чечкиндүү кутулуп, ал эми материалисттик-атеисттик каада-салттарды турмушка кеңири жайылтып, бекемдөө жөнүндө болуп жатат. Албетте, жогоруда белгиленген турмуш-тиричиликтик ырым-жырымдарды, салт-майрамдарды адатта диний жана материалисттик деп бөлүштүрүп да жүрүшөт. Маселени ушундайча талдоо сыртынан караганда оңой-олтоң көрүнгөнү менен бир топ кыйынчылыкты туудурат.

Диний ырым-жырымдар, салт-майрамдар адамдардын турмушунда кечээ эле пайда боло калышкан жок. Алар тапсыз общиналык коомдо эле «жапайы адамдардын табияттын каардуу кубулуштарынын алдында күчсүздүгүнөн улам пайда болушкан»[1]. Диний ырым-жырымдар, салт-майрамдар айлана-чөйрөдөгү чындыктын адамдардын аң-сезиминде фантастикалуу, иллюзиялык чагылышынын натыйжасы. Алгачкы адамдардын адегенде табияттын жана кийинчерээк таптык коомдо коомдук күчтөрдүн алдында алсыздыгы алардын аң-сезиминде көп сандаган ырым-жырымдарды, майрамдарды пайда кылгандыгы белгилүү. Алардын көпчүлүгү алгачкы учурда анимизм, фетишизм, тотемизм, магия сыяктуу политеисттик (көп кудайга ишенүүчүлүк) ишенимдерге байланыштуу эле. XVII кылымдан тартып кыргыздардын арасына монотеисттик (бир кудайга ишенүүчүлүк) ислам дини тарай баштаганда[2] ал ырым-жырымдардын бир кыйласы исламдаштырылган. Андан тышкары эл арасына ислам дининин өз ырым-жырымдары, майрамдары да белгилүү даражада тараган.

Мына ушул узак мезгил ичинде алар адамдардын турмуш-тиричилигине, улуттук психологиясына таасир тийгизип, улуттук үрп-адат, каада-салт менен чырмалышып кеткен. Ошондуктан аларды оңой эле бөлө коюу дээрлик мүмкүн эмес, бул жагдай маселени терең изилдөөнү талап кылат.

Деги диний ырым-жырымдарга, салт-майрамдарга эмнелер кирет? Кандай белгилерине (критерийлерине) карата тигил же бул конкреттүү ырым-жырымды, салт-майрамды диндик же материалисттик-атеисттик деп бөлүүгө болот?

Биздин оюбузча, диний идеологияны жана психологияны бекемдөөгө багытталган ырым-жырымдардын, каада-

---

[1] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. т. 20, с. 328.

[2] Адабияттарда исламдын кыргыздарга тарашы XVII кылымдан башталат деп айтылганы менен анын көчмөн элге өтө терең сиңбегендигин көп изилдөөчүлөр белгилеп кетишкен.



ОШСКАЯ областная БИБЛИОТЕКА Инв. № 345168

салттардын бардыгы диндик деп бааланууга тийиш. Диний идеология жана психология деген эмне?

*Диний идеология* — бул тиги дүйнө, бейиш, тозок, жин-шайтан, периште, кыл көпүрө, аңкир-маңкүр, кудурети күчтүү кудай, ыйык пайгамбарлар ж. б. өңдүү табияттан тышкары күчтөргө болгон ынанымдардын жыйындысы. Ал эми *диний психология* ошол диний ынанымдардын негизинде адамдарда пайда болуучу ар түрдүү сезимдердин, эмоциялардын, маанайлардын жыйындысы болуп эсептелет.

Мына ушул болбогон нерселерге ишенүүдөн келип чыккан жана ушул ишенимди, ага байланыштуу сезимдерди бекемдөөгө багытталган ырым-жырымдар, салт-майрамдар зыяндуу көрүнүш катарында четке кагылышы керек. Бул корутунду менен окурмандардын бардыгы тең эле макул болот деп ойлойбуз. Тескерисинче, бул реалдуу дүйнөнү даңазалаган, адамдардын бакыт-таалайга жетишине багытталган, алардын турмушундагы олуттуу учурларын салтанаттуу белгилеген, аларды эмгекти, Мекенди сүйүүгө чакырган; эмгекчилердин жыргалдуу турмушу үчүн көрсөтүлгөн эрдиктерди, каармандыкты, интернационализмди, гуманизмди, коллективизмди, социалдык оптимизмди даңазалаган; адамдарды коммунисттик адеп-ахлактуулукка үндөгөн адат-салттар, майрамдар, жөрөлгөлөр прогрессивдүү көрүнүш катары ар тараптан колдоого алынышы керек. Тигил же бул конкреттүү ырым-жырымды, каада-салтты диндик же материалисттик-атеисттик деп талдоодо мына ушул критерийлерди жетекчиликке алуу максатка ылайык.

Бирок бул жерде бир нерсени эске алуу керек. Өткөн доорлордо диний ынанымдардын негизинде пайда болуп, бирок узак мезгил ичинде адамдардын турмушуна терең сиңип, бүгүнкү күндө диний маанисин жоготуп койгон ырым-жырымдарды кандайча баалашыбыз керек? Аларды да диндик деп жеришибиз керекпи? Биздин оюбузча, жок. Мисалы, буту баскан балдардын тушоосун кесүү, өлүктү мүрзөгө алып чыгуунун алдында жуу, кепинге ороо, мүрзөгө чанак казуу ж. б. өңдүү белгилүү даражада диний ишенимдердин негизинде пайда болгон ырым-жырымдардын диний мааниси бүгүнкү күндө солгундап калды. Алардын бардыгын диндик, демек, жараксыз деп баалоо дээрлик мүмкүн эмес. Маселе буга окшогон ырым-жырымдарды куран түшүрүү, жаназа жана доорон окуу сыяктуу диний коштомолордон арылтууда турат.

Айрым дин кызматкерлери (айрыкча динди бүгүнкү

мезгилдин талабына ылайыкташтырууга аракеттенгендер) же катардагы эле динге ишенүүчүлөр ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды, салт-майрамдарды пайдалуу же пайдасыз деп бөлүштүрүүнү сунуш кылышат. Алар атеисттердин салттарды диний жана динсиз деп бөлүүсү бүгүнкү күндүн талабына жооп бербейт дешет. Ушул эле көз караштан алып караганда мусулмандардын орозо кармоо, күнүнө беш маал намаз окуу ж. б. адат-салты ден соолукка пайдалуу имиш. Жылына бир жолу бир айдан орозо кармоо адамдын оокатка болгон талабынын ченемсиз өсүшүнө (соргоктукка) чек коюп, напсисин тыйып, ашыкча салмак күтүүгө жол бербейт, демек, ошого байланыштуу ар түрдүү оорулардын пайда болушунун алдын алат. Ал эми күнүнө беш маал намаз окуу бүгүнкү илимий-техникалык революция доорунда (адамдар аз кыймылдаган) дене тарбиялык мыкты кызмат аткармак деп өкүнүшөт.

Алардын оюу боюнча мусулмандардын балдарды сүннөткө отургузуу салтынын медициналык жактан абдан пайдалуулугун мурда башка диндерге ишенип келишкен улуттун өкүлдөрү (мисалы, орустар) да моюндарына алышат имиш. Ал эми өлүк көмүү учурунда куран окуп кайрат айтуу, жаназа жана доорон түшүрүү адамдардын кайраттанышына, психологиялык жеңилдешине пайдалуу деп далилдөөгө аракеттенишет. Ушундай эле ой-пикирлерди кээде катардагы айрым адамдардан да угууга болот.

Албетте, буга окшогон ой-пикирлер, биринчиден, маселени үстүртөдөн, бир жактуу карагандыктан; экинчиден, конкреттүү ырым-жырымдардын медициналык жактан да, идеологиялык жактан да зыяндуулугун билбегендиктен; үчүнчүдөн, дин кызматкерлеринин диний үрп-адаттарды мезгилдин талабына ылайыкташтырууга кылган аракеттеринен келип чыгууда.

Үрп-адаттарды, каада-салттарды *эски* жана *жаңы, реакциячыл* жана *прогрессивдүү* деп бөлүүгө да болот. Бирок бул учурда эскинин баары эле реакциячыл, демек, бизге керексиз, ал эми жаңынын баары эле прогрессивдүү, демек, керектүү деген түшүнүк чыгарбоого тийишпиз. Мисалы, элибиздин улууларды урматтоо, меймандостук, уулду жолу менен үйлөндүрүү, кызды жолу менен узатуу, ашар уюштуруу, маркумга эстелик орнотуу, нооруздү (эскиче жаңы жылды) майрамдоо ж. б. көп сандаган каада-салттары турмушта байыртадан бери эле орун алып келе жатат. Алардын баары эски болгону менен биздин бүгүнкү турмушка шайкеш келип, прогрессивдүү роль ойнойт. Ал эми коомдук жана жеке салтанаттуу күндөрдү, учур-

лларды, биринчи айлыкты, жумушка орношуусу, машина, диплом алууну; окууга кирүүнү жана бүтүрүүнү ж. б. жууш жаңы көрүнүш болгону менен азыркы калыптанып жаткан жаңы каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн алгылыктуу, прогрессивдүү элементтери деп айта албайбыз.

Үрп-адаттарды, каада-салттарды таасир тийгизүү жана таралуу чеги боюнча *жалпы советтик, улуттук, топтук, кесиптик* деп да бөлүштүрүп жүрүшөт. Аларды ушундай талдоо туура жана максатка ылайык.

Жалпы советтик каада-салттарга адатта эмнелерди киргизишет? Жалпы советтик салттар, биринчиден, биздин өлкөдө жашаган элдердин улуттук салттарынын жана жумушчу табынын революциялык салттарынын жөнөкөй кошундусу же жыйындысы эмес. Алар — совет бийлигинин жылдарында жаңы социалисттик коомдук мамилелердин негизинде калыптанып, өөрчүп, чыңалып келе жаткан көрүнүштөр.

Совет бийлигинин жылдарында биздин өлкөдө адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет эли түзүлдү. Мунун өзү өнүккөн социализмдин мүнөздүү белгилеринин бири болуп эсептелет. Жалпы советтик салттар дегенде биз бүткүл совет элинин салттарын түшүнөбүз. Алардын калыптанышынын материалдык негизин биздин өлкөдө орун алган эмгек каражаттарына болгон социалисттик менчик түзөт. Мындай каада-салттар совет бийлигинин биринчи күндөрүндө эле дароо калыптана калган жок. Алардын түзүлүшү үчүн оболу материалдык негиз болуш керек эле. Ошондуктан чарба көп укладдуу өткөөл мезгилде мындай үрп-адаттар, каада-салттар дегеле пайда болмок эмес. Өлкөдө социалисттик өндүрүш мамилелери орногондо, индустриялаштыруу, айыл чарбасын коллективдештирүү ишке ашырылып, экономиканын көп укладдуулугу жоюлуп, социалдык жана улуттар арасындагы кастык жок болгондо гана жалпы советтик салттардын калыптанышы үчүн реалдуу негиз пайда болду. Андан тышкары, жалпы советтик каада-салттар совет адамдарынын рухий кулк-мүнөзүнүн, дүйнөгө болгон көз карашынын, тарыхый максаттарынын жана милдеттеринин биримдүүлүгүнүн негизинде калыптанды.

Жалпы советтик каада-салттар — социалисттик салттардын өнүгүшүнүн жогорку баскычы. Алар мазмуну боюнча да, формасы боюнча да терең интернационалдык мүнөздө. Социализм өлкөлөрүнүн ортосундагы улам күчөп жаткан экономикалык, социалдык-саясий, илимий жана маданий байланыштар жаңы коммунисттик принциптер

менен нормалардын негизинде эң мыкты пролетардык салттардын бекемделишине жана өнүгүшүнө көмөктөшөт. Ал өз ичине улуттук жана интернационалдык, өткөн жана азыркы элементтерди камтыйт.

Социализм бүткүл эмгекчи адамдардын аң-сезиминде жана психологиясында пайда болуп, жашап келе жаткан жалпы адамзаттын моралдык баалуулуктарын сактоо үчүн реалдуу шарт түздү. Социализм өнүккөн сайын адамдардын тарыхый тажрыйбасы менен байыган, эмгекчи массалардын таптык принциптерине байланыштуу болгон жалпы адамзаттык нормалар коммунисттик партиялардын жана социалисттик өлкөлөрдөгү элдердин иш-аракетинин салтка айланган нормалары болуп калат.

Жалпы советтик салттар мүнөзү боюнча интернационалдык, ал эми мазмуну боюнча прогрессивдүү келет. Бул — алардын олуттуу белгилеринин бири. Жалпы советтик салттар эмгекчилердики болгон менен жалаң эле биздин өлкөдөгү жумушчулардын, колхозчу дыйкандардын жана интеллигенциянын кызыкчылыгы гана эмес, бүткүл дүйнөдөгү эмгекчилердин кызыкчылыгын чагылдырат. Алар ошону менен бирге жаңы коомдук мамилелердин формалары болуп эсептелет. Алардын идеялык негизин дүйнөгө болгон маркстик-лениндик көз караш түзөт. Бул советтик салттардын прогрессивдүүлүгүн шарттайт. Жалпы советтик салттар анча узак жолду басып өтүшкөн жок. Алар негизинен совет бийлигинин жылдарында пайда болуп, калыптанууда. Алардын жашоо-турмуштун ар түрдүү жактарында, чөйрөлөрүндө калыптанышы жана таралышы да бирдей эмес. Мисалы, экономика, саясат, адабият жана искусство чөйрөсүндө жалпы советтик салттар бекем калыптанып, барган сайын көрүнүктүү роль ойноодо. Ал эми турмуш-тиричилик чөйрөсүндө жалпы совет элине мүнөздүү үрп-адаттар, каада-салттар биротоло калыптанып, бекем орной элек. Турмуш-тиричилик чөйрөсүндө жалпы советтик жаңы үрп-адаттар, салт-майрамдар менен катар эскилери жашап келе жатат. Мисалы, адам баласынын турмушундагы кубанычтуу жана кайгылуу учурларга байланыштуу каада-салттарда жаңы көрүнүштөр менен катар эски, зыяндуу диний ырым-жырымдар бүгүнкү күндө да кездешет. Бирок өнүккөн социализмдин ар тараптан өркүндөө процессинде, коммунизмди ийгиликтүү курууга улам жаңы кадам шилтеген сайын эски, зыяндуу үрп-адаттар, каада-салттар өз ордун советтик жаңы салттарга бошотуп бериши шексиз.

Улуттук салт үрп-адат системасында өзгөчө орунду

ээлейт. Улуттук үрп-адаттын, салттын калыптануу жана өнүгүү маселеси тарыхый материализмде али терең изилдене элек татаал маселелердин бири. Турмушта, күнүмдүк аң-сезимде улуттук салт жөнүндө өтө бир жактуу, ал гана турсун кээде туура эмес түшүнүктөр кездешет. Улуттук салт дегенде эле көпчүлүк адамдар ар бир элдин Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин калыптанган материалдык жана рухий маданиятынын элементтерин же бир улуттан экинчисин бөлүп, бөтөнчөлөп турган тышкы көрүнүштү түшүнүшөт. Улуттук салтты дал ушундай түшүнүү, тилекке каршы, күнүмдүк аң-сезимде кездешүүдө. Мисалы, чет өлкөдөн же борбордон келген кадырлуу мейманды тосууга улуттук кийим кийишкен кыздар катышты же стадиондо, ипподромдо улуттук оюндар өткөрүлдү ж. б. деп коюшат. Бул учурда «улуттук кийим», «улуттук оюндар» деп эмнени түшүнөбүз? Албетте, баарынан мурда Октябрь Революциясына чейин кыздар кийүүчү кош этек көйнөктөрдү, чыптама жана үкү тагылган тебетейди түшүнөбүз. Ошондой эле ордо атуу, оодарыш, кыз куумай, ат чабыш, улак тартыш ж. б. көз алдыга элестейт.

Айрым убакта улуттук салт дегенде эле салттын тышкы формасына, көрүнүшүнө көбүрөөк көңүл бурулуп, ички мазмуну терең талданбай калат. Кээде турмуш-тиричиликте орун алып келе жаткан диний ырым-жырымдар, салт-майрамдар улуттук салт, маданият менен чаташтырылат.

Демек, улуттук салт дегенде биз адамдардын, улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап келген, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын негизинде пайда болгон, туруктуу жана муундан-муунга тынымсыз өтүп, ошол улутка, элге таандык, элдин пикиринин күчү менен аткарылып жана сакталып туруучу турмуш-тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормаларын, эрежелерин, жөрөлгөлөрүн түшүнөбүз. Бул аныктамада төмөнкү олуттуу учурлар эске алынган: а) улуттук салттын калыптанышы улут пайда болгонго чейин эле башталат, анткени адамзат коомунун өнүгүшүнүн ар бир социалдык-экономикалык баскычы үчүн өзүнчө этникалык жалпылыктардын тиби мүнөздүү. Мисалы, алгачкы общиналык формацияга — урук жана уруу, кул ээлөөчүлүк коомго — кул ээлөөчүлүк эл (народность), феодалдык коомго — феодалдык эл, капиталисттик коомго — буржуазиялык улут, социализмге — социалисттик улут. Демек, улут капиталисттик коомдук-экономикалык формацияда гана калып-

танат, ал эми социализмге капитализмди аттап келген элдер социализмде гана социалисттик улутка биригишет. Ушуга жараша улуттук салт, үрп-адат адамдардын жалпылыгынын урук,уруу жана эл сыяктуу формаларында эле акырындап калыптана баштайт; б) ар бир элдин үрп-адаты, каада-салты өздөрү жашаган географиялык чөйрөгө жана тарыхый шарттарга байланыштуу калыптанат. Ал эми географиялык чөйрө да, тарыхый шарттар да бардык жерде бирдей эместиги белгилүү. Ар бир эл жшаган жердин географиялык чөйрөсү климаты боюнча ысык, суук же мелүүн; ландшафты боюнча талаалуу, токойлуу, тоолуу, чөлдүү же деңиздүү (деңиз жээгинде жайланышкан эл) ж. б. болушу мүмкүн. Ошого жараша ар бир жердин өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү да ар түрдүү. Демек, чарбанын тигил же бул тармагы башкаларга караганда көбүрөөк өнүгөт. Табият чөйрөсүнүн ар бир элдин үрп-адатына, каада-салтына тийгизген таасиринде төмөндөгүдөй закон ченемдүүлүктү байкоого болот. Тигил же бул конкреттүү эл коомдук өнүгүүнүн канчалык төмөнкү баскычында болсо, анын материалдык жана рухий турмушуна (ошонун ичинде каада-салтына) табият чөйрөсүнүн тийгизген таасири ошончолук күчтүүрөөк. Тескерисинче, ал коомдук прогресстин жогорку баскычына канчалык бийик көтөрүлгөн сайын, табият чөйрөсүнүн элдин турмушунун ар түрдүү жактарына (ошонун ичинде каада-салтына) тийгизген таасири басаңдайт; в) ар бир этникалык топтун, элдин, улуттун үрп-адаты, каада-салты, жол-жобосу ал элдин, этникалык топтун, улуттун ичинде гана салыштырмалуу туруктуу касиетке ээ. Алар ошол элдин, этникалык топтун, улуттун бир муунунан экинчисине тынымсыз өтүп, коомдук пикирдин күчү менен аткарылып жана сакталып турат. Бир элдин улуттук салтынын аткарылышын жана сакталышын башка бир элдин, улуттун өкүлдөрү көзөмөлгө албайт; г) улуттук салт — бул оболу ошол конкреттүү элдин турмуш-тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум эрежелери, адеп-ахлагы, ырым-жырымдары, каада-жөрөлгөлөрү, жол-жоболору. Мисалы, меймандостук, нике тою, же маркумду акыркы сапарга узатуу, же эскерүү сыяктуу жалпы адамзаттык көрүнүштөр ар бир элде кабыл алынган адеп-ахлактар, каада-жөрөлгөлөр, жол-жоболор менен ырааттуу түрдө коштолгондо гана ошол элдин, улуттун салтына айланат. Мисалы, меймандостук салтын алып көрөлү. Айрым авторлор меймандостук тажиктердин улуттук салты десе, айрымдары өзбектердин улуттук салты дешет. Ошол эле мезгилде кээ бирөөлөр аны украиналыктарга, казактарга,

грузиндерге ж. б. элдерге ыйгарышат. Маселени мындайча талдоо дегеле туура эмес. Анткени дүйнөдө меймандос эмес эл дээрлик болбосо керек. Бирок ушул жалпы адамзаттык көрүнүш ар бир элде ар башкача формада көрүнөт. Демек, меймандостук тигил же бул элдин улуттук салты дегенде анын ошол конкреттүү элде конкреттүү формада көрүнүшүн түшүнүү зарыл.

Албетте, улуттук салтка берилген бул аныктамада негизинен этникалык, улуттук учурлар көбүрөөк эске алынып, анын социалдык-таптык маңызына көңүл бурулган жок.

Улуттук каада-салт — улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү, анын олуттуу элементи. Маданият коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн өзүнө камтыры белгилүү. Ошого жараша өндүрүш маданияты, турмуш-тиричилик маданияты, тейлөө маданияты, башкаруу (управление) маданияты ж. б. болот. Адамдын иш-аракети материалдык жана рухий өндүрүштүн белгилүү бир коомдук-тарыхый формаларында ишке ашырылары маалим. Ошондуктан материалдык жана рухий өндүрүш маданияттын өнүгүшүнүн социалдык эки негизги чөйрөсү катары эсептелинет жана маданият материалдык маданият жана рухий маданият деп шарттуу бөлүнөт. Үрп-адат, каада-салт, азем-жөрөлгө белгилүү даражада материалдык маданиятта чагылдырылганы менен (мисалы, улуттук кийим-кечек, үй-тиричилик буюмдары ж. б.) негизинен рухий маданияттын чөйрөсүнө кирет жана анын олуттуу элементтерин түзөт.

Дүйнөдө тигил же бул этникалык топко, элге, улутка таандык болбогон бир да адам жок. Өзүн улуттан жогору же улуттан сырткары турган адаммын деген киши болбосо керек. Кыскасы, улуттук өзгөчөлүгү болбогон адам жок. Мисалы, бүгүнкү күндө дүйнөдө 2 миңге жакын улуттар, элдер, уруулар жашайт. Алардын 90 проценти көп улуттуу мамлекеттин составына кирет. Биздин өлкө ошондой көп улуттуу мамлекеттин бири. Бизде 100 дөн ашык улуттар, элдер жана этникалык топтор жашайт. Алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү үрп-адаты, салты, маданияты бар. Дал ушул себептен марксизм-ленинизм классиктери ар башка элдерди түзгөн адамдардын рухий маданиятынын улуттук өзгөчөлүгүн баса көрсөтүшкөн, улут маселесин партиялык программага киргизүү зарылчылыгын белгилешкен.

Таптык салттарды өзүнчө бөлүп кароо да максатка ылайык. Мында В. И. Лениндин ар бир улуттук маданият-

та эки маданият бар деген теориялык жобосун жетекчиликке алуу керек.

Антагонисттик коомдун маданияты анда жашаган ар кайсы карама-каршы таптардын (кул ээлеринин жана кулдардын, феодалдардын жана крепостной дыйкандардын, буржуазиянын жана пролетариаттын) кызыкчылыгын чагылдырары белгилүү. Анда үстөмдүк кылуучу таптын кызыкчылыгын жана идеологиясын чагылдырган маданият тармактары, үрп-адаттар, каада-салттар, жол-жоболор үстөмдүк абалды ээлешет. Анткени ошолор гана официалдуу түрдө мамлекеттин колдоосуна ээ болот. Мунун себеби эмнеде? Себеби, К. Маркс жана Ф. Энгельс «Коммунисттик партиянын Манифестинде» белгилеп кеткендей, алгачкы общиналык коом ыдырап, кул ээлөөчүлүк түзүлүш пайда болгондон берки коомдун тарыхы дээрлик тап күрөшүнүн тарыхы болуп келген[1]. Антагонисттик коомдо үстөмдүк кылуучу таптар (кул ээлери, феодалдар, буржуазия) жалпы эле маданияттын, ошонун ичинде үрп-адаттын, каада-салттын өздөрүнүн таптык кызыкчылыгына ылайык нукта өнүгүшүнө аракет кылышат. Өз кезегинде эзилген таптарга (кулдарга, крепостной дыйкандарга, пролетариатка) мүнөздүү маданий элементтер калыптана баштайт.

Албетте, социализмге чейинки антагонисттик коомдук-экономикалык формацияларда эмгекчи массалардын прогрессивдүү үрп-адатынын, каада-салтынын ар тараптан өнүгүшү үчүн тоскоолдуктар көп. Элдик прогрессивдүү салттардын өнүгүшүн мамлекет колдобойт, ага ыңгайлуу шарт түзбөйт. Бирок ошондой тоскоолдуктарга карабастан «Улут маселеси боюнча сын-макалалар» деген эмгегинде В. И. Ленин көрсөткөндөй, «Ар бир улуттук маданиятта өнүкпөгөн болсо да, демократиялык жана социалисттик маданияттын элементтери болот, анткени ар бир улутта эмгекчи жана эксплуатацияланган масса болот, бул массалык турмуш шарттары демократиялык жана социалисттик идеологияны шексиз пайда кылат»[2]. Бирок үстөмдүк кылуучу таптын маданияты, салты дайыма үстөмдүк кылат. «Коомдун үстөмдүк кылуучу материалдык күчүн түзгөн тап ошол эле мезгилде анын үстөмдүк кылуучу рухий күчү да болуп эсептелет»[3]. Үстөмдүк кылуучу тап элдик адат-салттарга таптык мазмун берип, прогрессивдүү салт-

---

[1] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. т. 4, с. 424.
[2] Ленин В. И. Чыгармалар. Кыргызча басылышы, 20-т., 9-б.
[3] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. т. 3, с. 45.

жөрөлгөлөрдүн өнүгүшүнө тоскоолдук кылганы менен аларды биротоло жогото албайт. Анткени чыныгы элдик салт, элдик маданият эмгекчи элдин өзү сыяктуу эле жоголгус нерсе.

Каада-салттын, үрп-адаттын таптык маңызы көбүнчө алардын формасынан эмес, мазмунунан ачык көрүнөт. Мисалы, феодалдык коомдо үстөмдүк кылуучу тап (феодалдар, бай-манаптар) жана эзилген эмгекчи массалар (кедей-дыйкандар, кол өнөрчүлөр, жалчы-малайлар ж. б.) эреже катары формасы боюнча бир эле маданиятты, салтты, үрп-адатты, жөрөлгөлөрдү алып жүрүүчүлөр болушуп, бир эле тилде (орус, кыргыз, казак, өзбек ж. б.) сүйлөшкөн, бир эле кудайга ишенишкен, бир эле үрп-адаттарды, ырым-жырымдарды аткарышкан. Үй ичин жасалгалоодо, кийим-кечекте, тамак-ашта, музыкада, бийде, оюн-шооктордо таптык мазмун ачык байкалган эмес.

Бирок бул ошол феодалдык коомдук-экономикалык формацияда жашаган элдин маданияты, үрп-адаты, каада-салты мазмуну боюнча да карама-каршы таптар үчүн бирдей болгон дегендикке, албетте, жатпайт. Тескерисинче, феодализмде жашаган элдин жалпы эле маданияты сыңары адат-салтынын мазмуну да карама-каршы болгон. Феодалдык төбөлдөрдүн, бай-манаптардын чарбактары адатта бай келип, аларга негизинен кымбат баалуу үй жасалгалары жана кийим кечектер, көптөгөн мал союлуп, төгөрөктүн төрт бурчунан миңдеген коноктор чакырылып, бир нече күнгө созулган өтө шаан-шөкөттүү аш-тойлорду өткөрүү мүнөздүү болсо, эмгекчилердин каада-салты жөнөкөй келип, алар жупуну эле аш-тойлорду өткөрүшкөн. Айтылган бул ойду далилдөө үчүн айрым тарыхый фактыларга токтололу. Мисалы, белгилүү Шабдан-манаптын ашында 50 миң адам катышып, 10 миң кой жана 2 миң жылкы союлуптур[1]. Ал эми хан Жантайдын ашында союлган малдарды эсептебегенде деле ат чабышта байгеге 1000 бээ, 30 төө, 30 уй жана 5000 кой коюлса, Келдибек-манаптын ашында ат чабышта байгеге килем менен шайыга толгон боз үй, 500 суусар жана 5000 жылкы коюлган экен[2]. Мындай ысырапчылык, мындай аша чабуучулук Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин бүткүл кыргыз элине мүнөздүү көрүнүш беле? Албетте,

---

[1] Буров Петров. На борьбу с байством и манапством. Фрунзе, 1927, с. 54.

[2] История Киргизии, т. I. Фрунзе, 1963, с. 312.

жок. Тескерисинче, бай-манаптардын гана турмуш ыңгайынын бир көрүнүшү болгон.

Демек, үрп-адаттын, каада-салттын этникалык, улуттук жагы мазмунуна караганда формасы менен көбүрөөк байланышта. Бир эле улуттук формадагы үрп-адаттын, каада-салттын мазмуну ар түрдүү болушу мүмкүн. Дал ушул себептен антагонисттик коомдук-экономикалык формацияларда эзүүчү таптар каада-салттын, үрп-адаттын таптык мазмунун, анын этникалык, улуттук формасы менен чүмбөттөөгө аракеттенишет. Мисалы, Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейинки кыргыздардын турмушунда кеңири тараган «кошумча», «ынтымак», «тууганчылык», «журтчулук» сыяктуу адат-салттар бай-манаптарга кандайча кызмат кылгандыгын биз жакшы билебиз. Алар эмгекчи элди алдап талап-тоноонун эң ыңгайлуу жолдорунун бири эле. Башкаруучу төбөлдөр, бай-манаптар өздөрүнүн таптык кызыкчылыгына ылайык үрп-адаттарды, каада-салттарды башка элдердин каада-салттарына карама-каршы коюшуп, өздөрүнүкүн башка элдердикинен, улуттардыкынан жогору баалап, өздөрүнүн «улуттук салтын» обу жок даңазалашкан, эмгекчилерге улуттук кекирейүүчүлүктү таңуулашкан. Бирок ошол эле мезгилде эмгекчи элдин турмушунда букаралардын кызыкчылыгын, турмуш ыңгайын чагылдырган прогрессивдүү үрп-адаттар, каада-салттар да орун алып келген. Коомдук өнүгүүнүн кийинки этаптарында алар прогрессивдүү коомчулук тарабынан колдоого алынып, ар тараптан өнүгүүдө.

Совет адамдарынын тарыхый жаңы жалпылыгы улуттук бөтөнчөлүктү, улуттук каада-салтты танбайт, тескерисинче, ал улуттук маданияттагы эң баалуу нерселерди, чыныгы улуттук үрп-адаттарды, салт-майрамдарды ар тараптан өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Буржуазиялык идеологдор бурмалап көрсөтүп жаткандай, биздин өлкөдө улуттук каада-салттар жоюлуп, «орусташтыруу» саясаты жүргүзүлүп жаткан жери жок. Тескерисинче, улуттук маданият, улуттук үрп-адат, каада-салт өз ара жакындашып, ар тараптан өнүгүп жана байып жатат. Советтик коомдун маданиятынын өнүгүүсүнүн түз жолу дал ушундай.

Улуттук салт — бул өткөн доорлор менен байланышкан улуттук өзгөчөлүктөрдүн же белгилердин жыйындысы же бир көрүнүшү гана эмес. Социализмде, айрыкча анын өнүккөн этабында советтик социалисттик улуттардын жана элдердин өз ара таасир тийгизүү процессинде улуттук форма да өзгөрөт. Ушуга байланыштуу «улуттук» деген

түшүнүккө социалисттик чындыктын негизинде пайда болгон кубулуштар да киргизилет.

Өнүккөн социализмдин шарттарында СССРде жашаган улуттардын, элдердин достугу дагы бекем чыңдалат. Бүткүл өлкөнүн масштабында өнүгүп бара жаткан бирдиктүү эл чарба комплекси бул достуктун материалдык негизин түзөт. Советтик Кыргызстандын азыркы көп тармактуу эл чарбасы бирдиктүү жалпы союздук экономиканын ажырагыс составдык бөлүгү болуп эсептелет. Улуттардын жана элдердин ар тараптан өсүп-өнүгүшүн жана өз ара жакындашын камсыз кылган негизги социалдык күч — көп улуттуу жумушчу табы.

Социалисттик улуттардын ар тараптан өнүгүшү жана улам тыгыз жакындашы, алардын биримдигинин жана бир туугандыгынын чыңдала бериши биздин өлкөдөгү улуттук мамилелердин маңызын түзөт. Өнүккөн социалисттик коомдун шартында республикалардын ортосундагы экономикалык байланыш улам тыгыз жана терең боло берет. Бүткүл совет элдеринин таламында эмгек бөлүштүрүлүп, өндүргүч күчтөр рационалдуу жайгаштырылат. Улуттук маданияттын өз ара байланышы жана байышы активдүү жүрөт. Дүйнөлүк тарыхта мурда болуп көрбөгөн жаңы социалдык жана интернационалдык жалпылык—совет эли калыптанды жана өркүндөөдө. Улуттук үрп-адаттарда, каада-салттарда жана жалпы эле маданиятта интернационалдык касиеттердин пайда болушунун, өөрчүп-өнүгүшүнүн жана чыңалышынын социалдык-экономикалык негизи дал ушундай.

*Эмгек салттары* — адамдардын белгилүү бир тобунда, коллективде туруктуу кабыл алынып, көп кайталануунун натыйжасында туруктуу болуп калган көрүнүштөрдүн жыйындысы. Көп сандаган дыйканчылык, малчылык, балыкчылык, токойчулук ж. б. салт-майрамдар эмгек практикасында пайда болгон.

Эмгек салттары, биринчиден, көбүнчө прогрессивдүү мүнөздө болот; экинчиден, алар жашоо-турмуштун башка чөйрөлөрүндө көптөгөн оң адат-салттардын калыптанышынын негизин түзөт.

Прогрессивдүү эмгек салттарынын эң өнүккөн тибин социалисттик коомдун эмгек салттары түзөт. Алар өндүрүштүн өсүшүнө жана ошол эле мезгилде эмгекчи адамдардын өсүп-өркүндөшүнө түрткү болушат.

Эмгек — бул адам менен жаратылыш ортосунда жүрүүчү процесс. Тышкы табият чөйрөсүнө таасир тийгизип, адам табиятты да, өзүн да өзгөртөт. Эмгек — адамдын жа-

шоосунун биринчи жана негизги шарты, ал адам баласынын жашоо-турмушуна зарыл нерселерди гана бербестен, адамдын өзүн да жараткан. Эмгектин натыйжасында гана адам айбандар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыккан. Социализмге чейинки антагонисттик коомдук-экономикалык формацияларда эмгек адамдын рухун жана күч-кубатын майтарып келген. Анткени эмгекчи адамдардын эмгеги өздөрү үчүн каргыш, ал эми эзүүчүлөрдү ого бетер байытуунун булагы болчу.

Социалисттик революция гана эмгекчи адамды эзүүдөн куткарат. Социализмде жана айрыкча коммунизмде эмгек жашоонун булагы гана эмес, чыгармачыл шыктануунун жана ыракаттануунун булагы да болуп эсептелет. Социалисттик коомдо эмгек адамдын кайра түзүүчү чыгармачыл табиятынын көрүнүшү, өзүн инсан катары көрсөтүү формасы, адам менен коомдун (коллективдин) карым-катышынын, өз ара мамилесинин негизги чөйрөсү. Социалисттик эмгек процессинде жолдоштук өз ара жардам, эмгектин алдыңкы методдору жана ыктарын өз ара бөлүшүү, иштеги кызматташтык сыяктуу прогрессивдүү салттар калыптанат. Алар — совет коомунун эмгек салттарынын эң мүнөздүү көрүнүштөрү.

Социалисттик турмуш ыңгайы адамдардын коомдук эмгекке катышуусун, өз ара мамилелерин түп-тамырынан бери өзгөрттү. Адамдардын чыгармачыл эмгегине кедерги болуучу эмгек каражаттарына болгон жеке менчик, адамды адам эзүү, кожоюнга эрксизден иштеп берүү сыяктуу таптык-антагонисттик коомдордо орун алган тоскоолдуктар бизде алда качан жоюлган.

Эмгек чөйрөсүндөгү советтик салт-майрамдардын жана каада-жөрөлгөлөрдүн негизги социалдык жана идеялык мазмунун эмгек каражаттарына болгон жеке менчик түзөт. Азыркы мезгилде совет адамдарынын эмгек салттарынын бүтүндөй бир системасы калыптанды.

Эмгек салттарынын башка бир түрүн *кесиптик салттар* түзөт. Алар эмгектин жалпы мүнөзүнүн негизинде калыптанат. Кесиптик каада-салттардын өзгөчөлүгү адамдардын тигил же бул тобунун иш өзгөчөлүгүнө жараша аныкталат. Эмгектин бир түрүндө иштеген же адистиктери бир адамдарда эмгек ыкмаларынын, жүрүм-турум нормаларынын окшош белгилери, ал гана эмес окшош жөрөлгөлөр менен салт-майрамдар калыптанат. Ошентип, шахтёрлордун, темир жолчулардын, малчылардын, токойчулардын, балыкчылардын, колхозчулардын ж. б. кесиптик салттары түзүлөт.

*Турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү каада-салттар* көп түрдүү келет. Материалдык жана маданий талаптарды канааттандыруу процессинде (тамак-аш ичүү, кийим-кечек кийүү, дарылануу, көңүл ачуу ж. б.) социалдык топтордо, таптарда, ырым-жырымдардын, адептердин, үрп-адаттардын, каада-салттардын белгилүү бир татаал системасы түзүлөт. Ушул талаптарды канааттандыруунун ар түрдүү жолдору турмуш-тиричиликтик каада-салттардын ар түрдүүлүгүн аныктайт. Адатта бул жерде каада-салттардын үч түрүн бөлүп карап жүрүшөт. Албетте, мындай бөлүштүрүү шарттуу гана жана колдоого татыктуу. Алар төмөнкүлөр: а) граждандык актыга байланыштуу каада-салттар (мисалы, баланын төрөлүшүнө, бойго жетишине, нике кыйууга, өлүк көмүүгө жана эскерүүгө ж. б.); б) тамак-ашка жана кийим-кечекке байланыштуу; в) үй жасалгаларына байланыштуу каада-салттар. Турмуш-тиричилик салттарынын эскичилдиги алардын негизги өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Турмуш-тиричилик чөйрөсүнүн бир беткейлиги турмуш-тиричилик каада-салттарынын прогрессивдүү өнүгүшүнө дайыма кедерги болуп келген. Реакциячыл диний ырым-жырымдардын дал ушул чөйрөдө көбүрөөк сакталышы да анын ушул өзгөчөлүгүнө байланыштуу.

Турмуш-тиричиликтеги зыяндуу ырым-жырымдардан арылуу үчүн турмуш-тиричиликтин өзүн коммунисттик негизде кайра куруу керек. Турмуш-тиричиликти кайра куруу канчалык активдүү жүргүзүлсө, зыяндуу эски адат-салттарга каршы күрөш жана жаңы каада-салттарды калыптандыруу ошончолук ийгиликтүү ишке ашат.

Биздин өнүккөн социалисттик коомдо турмуш-тиричилик чөйрөсүндө жаңы прогрессивдүү ырым-жырымдар, үрп-адаттар, каада-салттар, майрамдар активдүү калыптанууда. СССР элдеринин социалисттик турмуш-тиричилиги канчалык камыр-жумур болгон сайын жалпы советтик турмуш-тиричиликтик каада-салттар ошончолук чыңдала бермекчи.

## СОВЕТТИК ЖАҢЫ САЛТТАР

Биздин өлкөдө Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында эзүүчү таптар жоюлуп, жаңы типтеги социалисттик улуттар пайда болду. Совет бийлиги коомдук турмушта адат-салттардын калыптануу процессине да чоң өзгөрүүлөрдү киргизди. Эгерде социализмге чейинки коомдук-экономикалык формациялардын

бардыгында тең ар бир элдин маданияты, үрп-адаты, каада-салттары адамдардын күндөлүк турмуш тажрыйбасынын негизинде эң жай жана стихиялык түрдө калыптанса, социализмдин шартында ар бир элдин турмушундагы бул процесске аң-сезимдүүлүк мүнөздүү. Тагыраак айтканда, эми ар бир элдин үрп-адаты, салт-майрамы илимий негизде, аң-сезимдүү түрдө, максатка ылайык калыптанат, өөрчүп-өнүгөт.

Азыркы мезгилде прогресс мурда болуп көрбөгөндөй тездик менен өнүгүүдө. Илим менен техниканын өсүү темпи да тездөөдө. Тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде коомдук турмушта жана өндүрүштө сандык жана сапаттык чоң өзгөрүүлөр болду, элдин материалдык турмушу жана маданий деңгээли жогорулады. Бул совет элинин рухий байлыгын өстүрүп, моралдык жаңы нормалардын калыптанышына көмөк түзүү менен социалисттик үрп-адаттарды, салт-майрамдарды, шаан-шөкөттөрдү пайда кылууда.

Мында оболу жалпы элдик, мамлекеттик жана революциялык майрамдардын салтка айланганын айтуу керек. Аларга 7-Ноябрь, 8-Март, 1-Май, 9-Май, 7-Октябрь майрамдары кирет.

23-февраль — Советтик Армиянын жана Аскер-Деңиз флотунун күнү, 12-апрель — Космонавтика күнү, 22-апрель — В. И. Ленинди эскерүү күнү, 5-май—Советтик басма сөз күнү, 7-май — Радио күнү совет элинин жалпы элдик майрамдары катары эсептелинет. Ошондой эле совет эли үчүн 18-март — Париж коммунасынын күнү, 24-апрель — Жаштардын эл аралык тилектештик күнү, 25-май — Африканын боштондук күнү, 1-июнь — Балдарды коргоонун эл аралык күнү, 10-ноябрь — Бүткүл дүйнөлүк жаштардын күнү, 17-ноябрь — Студенттердин эл аралык күнү ж. б. белгилөө да салтка айланды.

Социалисттик жана коммунисттик курулуштун шарттарында улуттук салттар жаңы интернационалдык мазмунда өнүгүүдө. Мисалы, патриоттук салтты алып көрөлү.

Патриотизм дүйнөдөгү бардык эле элге мүнөздүү көрүнүш десек жаңылышпайбыз. Ошого карабастан ар бир элдин өзүнчө патриоттук салты бар. Кыргыз элинин патриоттук салты байыркы доорлордо, бытыранды көчмөн турмуш шартында өз элин, жерин жана мал-мүлкүн, эркиндигин сырткы душмандардан коргоп калуу үчүн болгон согуштарда калыптанган. Бирок патриархалдык-феодалдык түзүлүш мезгилинде бул асыл салт ар бир уруу-

менчикти бекемдегени үчүн эмгек өзүнүн мазмунун өзгөртүп, адам баласы өзү үчүн гана эмес, коом үчүн иштеген эмгекке айланды. Социалисттик коомдо эмгек ар-намыстын, даңктын жана каармандыктын иши болуп калды. Азыркы эмгек совет адамдары үчүн жөнөкөй жашоо каражатынан улам барган сайын турмуштук биринчи муктаждыкка айланып бара жатат. Өндүрүш чөйрөсүндө көп сандаган эмгек салттары пайда болду.

Мисалы, биздин өлкөдө коммунисттик ишембиликтер салтка айланды. Коммунисттик ишембиликти 1919-жылы апрелде Москва-Казань темир жол жумушчулары баштаган. Андан көп убакыт өтпөй бул саамалык бүткүл өлкөбүзгө тараган. В. И. Ленин өзүнүн «Улуу демилге» аттуу эмгегинде коммунисттик ишембиликти коммунизмдин бүчүрү катары баалаган.

Биздин өлкөдө өндүрүштө иштеген адамдар жылдык тапшырмасын мөөнөтүнөн мурда аткаруу салтка айланды. Көптөгөн эмгек алдыңкылары артта калган участокторго барып иштешет. Бул советтик адамдардын эмгекке болгон көз карашынын түп-тамырынан бери өзгөрүшүнүн дагы бир далили. Акыркы жылдарда биздин өлкөдө, ошондой эле республикабызда адамдардын эмгек ишмердүүлүгүнө байланыштуу бир кыйла эмгек майрамдары пайда болуп, кеңири кулач жаюуда. Мисалы, республикабыздын эмгекчилеринин пахтадан, эгинден жана башка айыл чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алуу үчүн болгон күрөшүндө Пахта майрамы, Түшүм майрамы сыяктуу майрамдар пайда болду. Буга окшогон майрамдарды майрамдоонун ар биринин өзүнчө жөрөлгөлөрү бар. Майрам күндөрүндө пахтаны, эгинди өстүрүп, жыйнап алууда жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен бригадаларга, адамдарга, звенолорго, акчалай сыйлыктар берилип, баалуу белектер тапшырылып, өтмө кызыл туулар ыйгарылат. Ал эми райондордун борборлорунда айыл чарба продуктуларынын көргөзмөлөрү уюштурулат.

Коммунисттик эмгек салттарынын негизинде Металлургдар күнү, Темир жолчулар күнү, Жеңил өнөр жай кызматкерлеринин күнү, Медиктердин күнү жана башка көп сандаган бул же тигил кесипке арналган майрамдар пайда болду. Буга окшогон майрамдар биздин өлкөдө ар бир эмгекчи адам, ар бир эмгек тармагы канчалык жогору баалана тургандыгынын эң мыкты далили. Алар эмгекчилерди өз эмгеги менен сыймыктанууга, аларды коллективизм жана патриотизм духунда тарбиялоого чоң өбөлгө түзөт. Башка бир топ элдер сыяктуу эле кыргыз-

дарда да буга окшогон майрамдар илгери болгон эмес. Ал гана эмес кыргыз лексикасында «металлург», «темир жол», «врач» сыяктуу терминдер да дээрлик жок эле.

Элдердин улуттук айырмачылыктарына карабастан бардык совет элинин турмушун бирдей чагылдырып, интернационалдык мүнөздө болушу бул майрамдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Алар эмгекчилерди өз керт башынын кызыкчылыгына негизделген тар чөйрөдөн чыгарып, өзүмчүлдүк көнүмүштөрдүн жана диний ырым-жырымдардын турмуштан четтешине өбөлгө болуу менен чыгармачылыкка кеңири жол ачат. Анткени майрамдар диний көз карашка негизделбестен, турмуштагы реалдуу фактыларга арналып жана эмгекчилерди «алла-тааланын маңдайга жазганын» күтпөстөн, бактылуу турмушту курууга үндөйт. Ал майрамдар табияттын күчтөрүнүн алдында адамдардын алсыздыгын туюндурбастан, алардын чыгармачылык күчүн жана жетишкен ийгиликтерин чагылдырып турат.

Кийинки жылдарда биздин өлкөдө эмгекчи үй-бүлөгө жаңы толуктоолорду салтанаттуу түрдө кабыл алуу, биринчи айлык, коммунисттик бригадаларга кабыл алуу, жумушчунун, колхозчунун, мугалимдердин, окумуштуулардын, партиялык жана советтик кызматкерлердин, жазуучулардын, артисттердин жана башкалардын эмгек юбилейлери, аларды пенсияга салтанаттуу узатуу сыяктуу көп жөрөлгөлөр жана жаңы каадалар салтка айланды. Булар адамдардын эмгекке жана эмгекчилерге болгон жаңы көз караштарын чагылдырып турат.

Жаш адистердин эмгектик жолундагы алгачкы айлыкты салтанаттуу түрдө тапшыруу алардын эмгекке болгон сүйүү сезимин бекемдеп, өндүрүштө алдыңкылардан болууга түрткү берет. Республикабыздын көпчүлүк райондорунда, ишканаларда, завод-фабрикаларда, колхоз-совхоздордо бул салт өндүрүштүн алдыңкыларынын жана эмгек ветерандарынын катышуусу менен салтанаттуу өтүп, турмушка терең сиңүүдө. Ал эми бул салтты колдоого алуу иши начар болгон жерлерде алгачкы айлыкты, албетте, «жууп» өткөрүү орун алып келе жатат. Ишканалардын, завод-фабрикалардын жана колхоз-совхоздордун жетекчилери бул эң сонун салтты эл массасынын турмушуна кеңири киргизүү ишин колго алуулары тийиш.

Адамдардын турмуш-тиричилигинде жана үй-бүлөлүк мамилелерде да жаңы үрп-адаттар жана каада-салттар пайда болууда. Алар элибиздин материалдык жана рухий турмушундагы олуттуу өзгөрүүлөрдү, кызматташтык жа-

на өз ара жардамга негизделген жаңы мамилелерди терең чагылдырат. Мисалы, үйлөнүү тоюн алып көрөлү.

Үйлөнүү башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинде да салтанаттуу жана кубанычтуу майрам катары эсептелип келген. Чындыгында эле үйлөнүү адам баласынын турмушундагы эстен кеткис окуя. Азыр бизде үйлөнүү тоюнун жаңы тиби пайда болду. Азыркы никелер оболу калың берип, дин кызматкерлеринин катышуусу менен (шарият жолу менен) бекемделген никелерден алда канча башкача. Азыркы никелер аял менен эркектин закондуу тең укугуна жана жаштардын өз ара сүйүү сезимдерине негизделген.

Үйлөнүү тоюнун жөрөлгөлөрү да жаңы элементтер менен толукталууда. Мурда колукту күйөөнүн үйүнө келгенде бетин жоолук менен жаап, меймандар менен аралашып отурбастан, көшөгөнүн артында отуруучу. Ал эми азыр колукту меймандар менен бирге эле отурат. Мурда тойго келген меймандар, күйөө менен колуктунун жоро-жолдоштору, аялдар жана эркектер болушуп бөлүнүп отурушкан. Азыркы нике тойлордо буга окшогон көрүнүштөр дээрлик жокко эсе.

Жаштардын комсомолдук үйлөнүү тою кеңири кулач жайып, салтка айланууда. Мындай тойлорго баш кошкон жаштардын ата-энелери, тууган-туушкандары жана жоро-жолдоштору гана катышпастан, өздөрү эмгектенген коллективдин өкүлдөрү да катышат. Үйлөнүү тоюнун мындай жаңы формалары жаңы үй-бүлөнү бекемдеп, баш кошкон жаштардын коом жана коллектив алдындагы жоопкерчилик сезимдерин пайда кылып жана чыңдап турат.

Нике тоюнун мындай жаңы формалары диний көз караштан тазаланган элдик прогрессивдүү каада-салттардын өнүгүшүнө көмөк болуу менен бирге, калың берүү, кыздарды эркине койбой ала качуу, жашы жете элек кыздарды күйөөгө берүү сыяктуу эскинин саркындыларын жоюуда да чоң роль ойнойт.

Акыркы жылдарда шаарларда, райондордо жана айылкыштактарда Нике үйү ачылып, ар кайсы улуттардын жана элдердин алгылыктуу шаан-шөкөттөрү коомчулукка кеңири тарашына көмөк болууда. Баш кошкон жаштарга арналып атайын бөлүнүп коюлган аянттарга бак отургузуу жөрөлгөсү салтка айланып бара жатат. Бул саамалык колхоз-совхоздордун жана райондордун жергиликтүү шарттарын эске алуу менен республиканын бардык жерлеринде активдүү колдоого алынуута тийиш.

Ар башка улуттун өкүлдөрүнүн ортосундагы никенин саны барган сайын көбөйүүдө. Улуттук өзгөчөлүктөрү жана диний көз караштары боюнча адамдарды өз ара бөлүп-жарып келген улутчулдук жана диний саркындылар турмуштан сүрүлүп ташталууда.

Ошону менен бирге жаштардын үйлөнүү үлпөтүнө байланыштуу жаңы каада-салттардын, үрп-адаттардын, жөрөлгөлөрдүн калыптануу жана элге таралуу ишинде айрым кемчиликтер, бир жактуулук, ал гана эмес терс көрүнүштөр да байкалууда. Кочкор районундагы «Чолпон» совхозунун жумушчусу А. Абдыкеримовдун «Советтик Кыргызстан» газетасынын 1985-жылдын 14-июнунда жарыяланган «Эски салтка каршы чечкиндүү күрөшөлү» аттуу макаласында ачуу басар, алдына бармай, кыздын себин бермей, кууп келмей, кийит кийгизмей, аркан тосмой, жүк жыймай сыяктуу бир катар шаан-шөкөттөргө аралаш күйөө баштык бермей, отко киргизмей, өкүл ата коймой, кызды төркүлөтмөй арбып баратат деп зээни кейигендик менен жазат. Андан ары ал өзгөчө кыздын себин алып барганда 15—20 жууркан, ала кийиз, шырдак, шифоньер, күзгү, чыны, буфет, сандык, диван, гарнитур... койчу деги санап бүтүүгө болбойт деп белгилейт. Кеминде 20—26 адам барат. Буларга кеткен тамак-ашы, аяктан ал, бияктан бул, куда той деп ташып канча кой-козу, тайлар союлат. Мына ошентип, ортодо канчалык чыгым болушат деп эң туура белгилейт.

Жаңы каада-салттардын мааниси адам баласынын турмушундагы олуттуу кубанычтуу учурларды символикалуу чагылыштыруу менен бирге алардын ички сезимдери жана таламдарынын эстетикалык жагынан да, этикалык жагынан да канааттандыруу болуп эсептелет. Ошондуктан үйлөнүү тоюнун жаңы формаларынан калың алуу жана берүү, шариятка негизделген никеге каршы багытталган убактылуу жана аткарган милдети боюнча чектелген гана куралды көрүү жарабайт. Тилекке каршы, айрым жерлерде комсомолдук-жаштар тоюн калың эл массасына таратуу ишине мына ушундай бир беткей мамиле жасаган учурлар кездешүүдө. Ушул себептен комсомолдук-жаштар тоюнун бардык салтанаты анда ичип-желген оокаттын молдугу жана алып келинген белектердин кымбаттыгы менен мерчемделүүдө.

Үйдө өткөрүлүүчү айрым нике тойлордун болгон бардык салтанаты да ушуну менен чектелүүдө. Биринчиден, мындай көрүнүштөр менен, албетте, келишпес күрөш жүргүзүү керек; экинчи жактан, комсомолдук-жаштар тою

нике тоюнун эл арасында жашап келе жаткан башка формаларын сүрүп чыгып, үстөмдүк абалды ээлешине умтулуу дегеле туура эмес. 80-жылдардын башына чейин орун алып келген мындай умтулуу кийинки мезгилде орчун басаңдоодо. Турмушта андайдын анча кажети деле жок. Анткени баш кошкон жаштардын тойлорунун баарын комсомолдук тойго айландыруу мүмкүн эмес. Ал эми турмуштагы олуттуу учурду — эки жаштын баш кошуусун кубанычтуу, салтанаттуу өткөрүү комсомолдук активисттердин же өндүрүштүн алдыңкыларынын гана талабы эмес.

Жаңы нике каада-салты турмушка терең сиңип бара жатат, бирок анын айрым жөрөлгөлөрү, шаан-шөкөттөрү жеткилең иштеп чыгууну талап кылат. Үйлөнүү үлпөтү клубдарда, Нике үйлөрүндө гана өткөрүлүүгө ылайыкталбастан, ар бир үй-бүлөдө өткөрүлүүгө да ылайыкталыш керек. Кымбат баалуу белектерди берүү, чакыруу билеттерин даярдоо, көп чыгым жумшоо, жарым сааттын тегерегинде «насаат-доклад» окуп тост көтөрүү, обу жок мораль окуу жана тойдун өзүнүн өткөрүлүшүнө өтө көп чыгым жумшоо сыяктуу көрүнүштөр орун албоого тийиш. Жогоруда А. Абдыкеримов белгилеп кеткендей, үйлөнүү маселесинде «аш көп болсо, каада көп» дегендей бөйрөктөн шыйрак чыгарган кайдагы бир каада-салттар, ырымжырымдар, жөнү жок шаан-шөкөттөрдү четке кагуу зарыл. Албетте, бул жерде философия илимдеринин кандидаты М. Абдылдаевдин ««Советтик Кыргызстан» газетасынын 1985-жылдын 15-июндагы санында жарыяланган «Салттарга жалпы камкордук» аттуу макаласында туура көрсөтүлгөндөй, эки жаштын макулдашуусу бүткөндөн кийин баланын ата-энесинин кыздын ата-энесине «кудалашуу» иретинде эмес, куда менен таанышуу иретинде барып (кызга сөйкө салып), үйлөнүү үлпөтүнүн камы жөнүндө сүйлөшүү оң. Жаштардын жана ата-энелердин макулдашуусу боюнча «кыз берүү» же «кыз узатуу» жөрөлгөсүн кыздын айлына өткөрүп, аны элибиздин жакшынакай салт-санаасы менен узатып, келинди отко киргизүү, өкүл ата менен өкүл энени шайлоо, келин көрүү ж. б. салттарды сактоо керек деген пикирине да кошулууга болот. Бул жерде кеп тигил же бул жөрөлгөлөрдү кереги жок деп жерүүдө эмес, обу жок жөрөлгөлөрдү, шаан-шөкөттөрдү киргизүүнүн зыяндуулугу жөнүндө болуп жатат.

Нике тоюн өткөрүүдө улуттук өзгөчөлүктү (психологияны), салтты эске албай коюш жарабайт. Айрыкча Борбордук Россияда же Балтика боюндагы республикаларда өткөрүлүп жүргөн үйлөнүү үлпөттөрүнүн айрым элементте-

рин механикалык түрдө көчүрө коюу максатка ылайык келбейт. Мисалы, айылдык жерлерде кары-жаш дебей баары катышкан тойлордо: «Горько!» — деп кыйкыруу ээнбаштыктын бир көрүнүшү экенин улгайган адамдардын көпчүлүгү айтып жүрүшөт. Ошондуктан башка элдин тажрыйбасын, ырым-жырымын механикалык түрдө көчүрө коюу эмес, тескерисинче, чыгармачылык менен байытып, жергиликтүү жана улуттук шартка ылайыкташтырып пайдалануу керек.

Азыр жентек тою жеке үй-бүлөнүн чегинде гана өткөрүлбөй жаңы төрөлгөн ымыркайдын ата-энелери иштеген коллективдин каада-салтына айланууда. Бирге иштеген коллектив мүчөлөрү жентек тойго букет, коляска, оюнчуктарды алып келишип, ата-эненин кубанычын бөлүшүшөт. Алар ырдашып, бийлешип, жаңы төрөлгөн бала жана анын ата-энесинин ден соолуктары үчүн тост көтөрүшүп, алардын коомдун жана коллективдин алдында баланы туура тарбиялоо ишиндеги жоопкерчиликтерин эскертишет. Жаштарды коммунисттик тарбиялоодо бул каада-салттын мааниси зор.

Бирок жаңы жүрүм-турум эрежелери жана коммунисттик кулк-мүнөздүн нормалары, жаңы үрп-адаттар жана каада-салттар бардык жерде эле турмуш-тиричиликке бирдей терең сиңип жаткан жок, алар бардык совет адамдарынын «жазылбаган закондоруна» али айлана элек. Калктын белгилүү бөлүгүнүн аң-сезиминде жана жүрүм-турумунда өткөндүн көп саркындылары алиге чейин сакталып келе жатат. Турмуш-тиричиликтин улуттук салттар, үй-бүлөлүк мамилелер менен байланышкан рухий кулк-мүнөздүк жагында тез арада олуттуу өзгөрүүлөргө жетишүү өтө кыйын экени ырас. Ошондуктан турмушта биздин коомго жат диний ырым-жырымдар, үрп-адаттар жана салт-майрамдар азырынча кездеше калып жүрөт. Аларга баланы сүннөткө отургузуу, жаназа, доорон окутуу, жыртыш, мүчө берүү, эби жок кымбат эстеликтерди тургузуу, аш берүүдө малды көп союу жана ичкиликти арбын берүү ж. б. у. с. кирет. Турмушубузда али да болсо сакталып келе жаткан эскинин калдыктарынын ичинен жогоруда белгиленген ырым-жырымдардын элге тийгизген таасири али күчтүү. Албетте, буларды биротоло жоюу үчүн жалгыз гана идеялык тарбия ишин күчөтүү, аны илимий негизде, ишенимдүү, далилдүү түшүндүрүү жетишсиздик кылат. Бул үчүн эски, диний ырым-жырымдарды жоюп салуу менен гана тим болбостон, алардын ордуна мазмундуу, таасирдүү жаңы каада-салттарды сунуш кылуу керек.

# КОРУТУНДУ

Жаңы каада-салттар, майрамдар, жөрөлгөлөр бүгүнкү күндө элибиздин турмушунун бардык чөйрөлөрүнө кирип, биздин турмуш ыңгайыбыздын, рухий маданиятыбыздын ажырагыс алгыс касиети болуп калды. Коммунисттик партиянын жана совет элинин даңктуу майрамдары, социалисттик, интернационалдык мазмундагы жаңы салттары, жогорку адеп-ахлактык жана эстетикалык талапка жооп берерлик каадалары жана жөрөлгөлөрү, революциянын майданында, алгачкы беш жылдыктардын жалындуу куруучулук күндөрүндө, Улуу Ата Мекендик согуштун от кечкен мезгилдериндеги фашисттик баскынчыларга каршы күрөштө, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүдө, өнүккөн социализмди курууда калыптанып, бекемделүүдө. Социалисттик мазмундагы жаңы салттар социалдык тажрыйбаны, социалисттик турмуш ыңгайынын бийик идеалдарын жана жогорку адеп-ахлактык баалуулуктарын муундан-муунга өткөрүүдө, социалдык жактан жетилген жана рухий бай, ар тараптан өнүккөн адамды калыптандырууда баа жеткис роль ойнойт.

Социалисттик чындыктын негизинде калыптанып, бекемделген жаңы, советтик каада-салттар кыргыз элинин гана эмес, бүткүл совет элинин жалпы кенчи, жалпы рухий, адеп-ахлактык байлыгы. Биздин өлкөдөгү бардык улуттар жана элдер коммунисттик партиянын жана совет элинин даңктуу революциялык, согуштук жана эмгектик салттарынын түздөн-түз мурасчысы жана улантуучусу.

Советтик салттарда, каада-майрамдарда коммунисттик идеалдар, адеп-ахлактык бийик сапаттар, адамдар ортосундагы социалисттик турмуш-тиричиликтик, үй-бүлөлүк мамилелер терең чагылдырылат. Алар бүткүл совет элинин, ошол эле мезгилде ар бир улуттун турмушундагы олуттуу тарыхый окуяларды, эмгек процессинин белгилүү учурларын, заманыбыздын эң мыкты сезимдерин жана иштерин, үй-бүлө турмушундагы оң жана алгылыктуу нерселерди жана көрүнүштөрдү эмоциялуу, элестүү түрдө даңазалайт, чагылдырат. Алар миллиондогон адамдардын аң-сезиминде, психологиясында жана жүрүм-турумунда социалисттик коомдун рухий кенчинин бекемделишине, коммунизмди куруучунун идеялык-саясий жактан жетилишине, коллективизм, патриотизм, интернационализм, гуманизм, эмгекке коммунисттик мамиле жасоо, жолдоштук өз ара жардам, граждандык олуттуу жоопкерчилик сезим,

адеп-ахлактык жана эстетикалык бийиктик сыяктуу асыл сапаттардын калыптанышына активдүү жардам берет. Ошол эле мезгилде советтик жаңы салттар, майрамдар биздин азыркы турмушка, социалисттик моралдын нормаларына, коммунисттик идеологияга төп келбеген жат көрүнүштөргө каршы күрөшүүнүн да олуттуу куралы болуп эсептелет.

Бизде азыр жаңы салттарды өткөрүү жана аларды турмуш-тиричиликке кеңири жаюу үчүн материалдык база бар. Маселе жаңы каада-салттардын коомдук милдетин туура түшүнүү менен бирге ар тараптан колдоого алып, кеңири жайылтууда, алардын чыныгы маңызын ачып көрсөтүүдө турат.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


Алиев А. Қ. Новая жизнь — новые традиции. Махачкала, 1966.

Алексеев Л. Современные праздники у обряды в деревне. М., 1968.

Брудный В. И. Обряды вчера и сегодня. М., 1968.

Буров Петров. На борьбу с байством и манапством. Фрунзе, 1927.

Ленкин Д. М. Массовые праздники. М., 1975.

Ельченко Ю. Н. Новому человеку — новые обряды. М., 1976.

Есенгельдиев С. Е. Улуттук жана диний традициялар жөнүндө. Фрунзе: Кыргызстан, 1969.

История Киргизии. т. 1. Фрунзе: Киргосиздат, 1963.

Кампарс П. П., Закович Н. М. Советская гражданская обрядность, М., 1967.

Кикило И. Новое время — новые традиции. М., 1969.

Козмина Т., Маслов Е. Праздникам и обычаям — новое социалистическое содержание. М., 1975.

Летурно Ш. Социология, основанная на этнографии. СПб, 1897.

Лобачева Н. П. Формирование новой обрядности узбеков, М., 1975.

Мазаев А. И. Праздник как социально-художественные явление. Опыт историко-теоретического исследования. М., Наука, 1978.

Мандельштам И. Е. Опыт объяснения обычаев. СПб., 1882.

Наши праздники. Сборник, М., 1975.

Плахов В. Д. Традиции и общество. Опыт философско-социологического исследования. М., Мысль, 1982.

Праздники, обряды традиции. М., 1976.

Пропп В. Я. Русские аграрные праздники (опыт историко-этнографического исследования), Л., 1963.

Рогозина Е. Н. Новые гражданские обряды. Л., 1973.

Руднев В. А. Обряды народные и обряды церковные. Л., Лениздат, 1982.

Руднев В. А. Советские праздники, обряды и ритуалы. Л., Лениздат, 1979.

Сарсенбаев Н. С. Обычаи, традиции и общественная жизнь. Алма-Ата, 1974.

Солнцев Н. В. Роль прогрессивных традиций в коммунистическом воспитании. Новосибирск, 1977.

Суханов И. В. Обычаи, традиции и преемственность поколений. М., 1976.

Табалдиев А. Салт жөнүндө ой. Фрунзе, 1966.

Табалдие А., Усупов С. Турмуш-тиричиликтин маданияты. Фрунзе, Кыргызстан, 1966.

Терещенко А. В. Быт русского народа. СПб., 1848.

Традиционные и новые обряды в быту народов СССР. М., Наука, 1981.

Угринович Д. М. Обряды. За и против. М., 1975.

Фурсин И. И. Обрядность и ее место в социалистическом образе жизни. М., Знание, 1977.

Харузин Н. Этнография, вып. 4 (верование). СПб., 1905.

## МАЗМУНУ


Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . 3
Салттын маңызы жана социалдык милдети . . . . . 9
Салттын түрлөрү . . . . . . . . . . . . . 16
Советтик жаңы салттар . . . . . . . . . . 30
Корутунду . . . . . . . . . . . . . . . 40
Пайдаланылган адабияттар . . . . . . . . . . 42

**Для вас, родители**

*Сатыбек Есенгелдиев*

О НОВЫХ ОБЫЧАЯХ И ТРАДИЦИЯХ

На киргизском языке

Издательство «Мектеп»

Редактору *Ж. Дылдаев*
Сүрөт редактору *И. Васильев*
Техн. редактору *Р. Тапканова*
Корректору *М Кушбаков*

ИБ № 3087

Терүүгө 26. 06. 85. берилди. Басууга 22. 10. 85. кол коюлду. Д—06439. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108$^{1}/_{32}$. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 1,376 физ. басма табак, 2,31 шарттуу басма табак, 2,42 учёттук басма табак, 2,52 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 3000. Заказ № 158. Баасы 10 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

10 т.